Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

Эркин-Too

WWW.ERKIN-TOO.KG Жума, 2022-жылдын 26-августу №77 (3412)

ӨКМӨТТӨР АРАЛЫК КЕҢЕШИНИН ЖЫЙЫНЫ

Чолпон-Ата шаарында Евразия өкмөттөр аралык кеңешинин кезектеги жыйыны өтүп жатат.

Жыйындын ишине катышуу үчүн жергебизге Азербайжан Республикасынын Премьер-министри Али Асадов, Армения Республикасынын Премьер-министри Никол Пашинян, Казакстан Республикасынын Премьер-министри Алихан Смаилов, Россия Өкмөтүнүн Төрагасы Михаил Мишустин, Беларусь Республикасынын Премьер-министри Роман Головченко келишти. Аларды эл аралык "Ысык-Көл" аэропортунан Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Бакыт Төрөбаев тосуп алды.

Евразия өкмөттөр аралык кеңешинин кезектеги жыйынында интеграциялык биримдик алкагындагы бир катар актуалдуу маселелер каралмакчы.

Эске салсак, 2022-жылы Кыргыз Республикасы Жогорку Евразиялык экономикалык кеңешине, Евразиялык өкмөттөр аралык кеңешине жана Евразиялык экономикалык комиссиянын кеңешине төрагалык кылууда.

МЕКТЕПТЕР БЕШ КҮНДҮК ОКУУГА ӨТӨТ

Өлкөдөгү бардык мектептер, анын ичинде менчик билим берүү мекемелери 2022-2023-окуу жылында беш күндүк окууга өтөт. Мындай чечимди Билим берүү жана илим министрлиги кабыл алды. Айрым гимназия жана лицейлерде тандоо сабактары болгондуктан, алтынчы күнү окууга уруксат берилет. Быйыл Кыргызстанда окуу жылы 1-сентябрда башталат.

КӨЙГӨЙ ЧЕЧИЛЕТ

Саламаттык сактоо министрлиги бөйрөктү алмаштырууда молекулярдык-генетикалык анализ жүргүзүү үчүн мультипараметрдик флуоресценттик анализ жүргүзө турган жабдууларды алууда. Жабдууларды сатып алууга 20 миллион сом жумшалат. Буга чейин Кыргызстанда донор менен оорулуунун ткандарынын шайкештигин текшерүү мүмкүнчүлүгү болгон эмес. Бейтаптар молекулярдык-генетикалык анализ жүргүзүү үчүн көбүнчө Казакстанга жиберилип турган.

Марс ИСАЕВ:

"МАМЛЕКЕТИБИЗДИ САКТАП, БАРКТАП КИЙИНКИ МУУНГА ӨТКӨРҮП БЕРЕЛИ"

16-БЕТТЕ

БАНК СЕКТОРУНА АЛДЫҢКЫ ТЕХНОЛОГИЯЛАРДЫ КИРГИЗҮҮ МААНИЛҮҮ

Шейшемби күнү Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров өлкөнүн банк секторунун өкүлдөрү менен кеңешме өткөрдү.

Анда Акылбек Жапаров банкирлерди өлкө жарандарынын бакубаттуулугун бекемдөө үчүн тышкы жана ички рыноктордон инвестиция тартуу максатында мамлекет менен биргеликте иш алып барууга чакырып, аталган секторго алдыңкы жогорку технологияларды киргизүүнүн маанилүүлүгүн белгиледи.

Учурда Министрлер Кабинети тарабынан салыктык түшүүлөрдү башкарууну жакшыртуу боюнча иштер жүргүзүлүп жатат. Анда санариптик технологияларды ишке киргизүү салык кызматын реформалоонун негизги куралдарынын бири болуп саналат. Салыктык башкарууну жана банктык тейлөөнү санариптештирүүдө тыгыз кызматташуу зарыл. Акылбек Жапаров бул багытта активдүү позицияны кармануууга жана фискалдык түзүмдөрдү реформалоодо көмөктөшүүгө чакырды.

Ата мекендик банк секторун өнүктүрүүдө коммерциялык банктарга алтынды жана күмүштөрдү өлчөнгөн куймалар жана монеталар түрүндөгү сатуу жана сатып алуу укугун берүү мүмкүнчүлүгү каралууда. Бул валюталык тобокелдиктерди диверсификациялоо механизмдеринин бири болуп калат.

Ошондой эле чакан ГЭСтерди куруу үчүн ресурстарды мобилизациялай турган банктардын консорциумун түзүү болжонууда.

БИЛИМДҮҮЛӨР ГАНА ӨЛКӨНҮ АЛДЫГА СҮРӨЙТ

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров Кыргыз Республикасынын билим берүү кызматкерлеринин, билим берүү тутумунун жетекчилеринин республикалык педагогикалык кеңешмесинде, билимдүү улут гана өлкөнүн өнүгүүсүнүн локомативи боло алаарын айтты.

Акылбек Жапаров: «Билим алуу жаңы иш-аракеттерди жана ой жүгүртүү ыкмаларын үйрөнүүгө жана жашоого мүмкүнчүлүк берет. Ал азыркы кезде бүткүл дүйнө жүзү, анын ичинде биздин өлкө туш болуп жаткан чакырыктарга жооп берүүгө мүмкүндүк берет. Ал коомдогу тынчтыктын жана туруктуулуктун, экономикалык өнүгүүнүн жана жаратылышты коргоонун негизи болуп саналат. Билимдүү улут гана өлкөнүн өнүгүүсүнүн чыныгы локомотиви боло алат! Бирок коомдо балдарга жана өспүрүмдөргө карата зордук-зомбулуктар орун алса, бул мүмкүн эмес болуп калат. Анын үстүнө балдарга карата зордук-зомбулуктун статистикасы, тилекке каршы, өсүп жатат» деди.

«Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына, анын ичинде Кылмышжаза кодексине жана «Мунапыс берүүнүн негиздери жана аны колдонуунун тартиби жөнүндө» мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Мыйзамга ылайык, эми балага каршы кылмыш жасаган бир дагы кылмышкер жазадан качып кутула албайт. Эскирүү мөөнөтү өткөнүнө карабастан, психикалык жактан ооруса дагы, шарттуу түрдө эркиндикке чыгарылбайт, мунапыс ала албайт. Зордук-зомбулуктун бир дагы фактысын көз жаздымда калтырбастан, дароо жооп кайтарып, мындай учурларды түптамыры менен аёосуз жок кылууга жана болтурбоого аракет кылуу керектигин белгилеп өттү.

Акылбек Жапаров келечек муунду тарбиялоодогу мугалимдердин өзгөчө ролун белгилеп, «Кыргызстандын элдеринин биримдигин чыңдоо, толеранттуулукту арттыруу жана мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана жайылтуу, көп тилдүүлүктү сактоо жана өнүктүрүү, саясий институттарга жана мамлекеттик бийлик органдарына ишенимди жогорулатуу жана жеткиликтүүлүккө бирдей шарттарды түзүү –«Кыргыз жараны» жарандык идентүүлүгүн өнүктүрүү концепциясы жөнүндө Жарлыктын негизги багыттары. «Кыргыз жараны» деген түшүнүк алгач үй-бүлөдө түптөлөт. Дал ошол жерде жаш балдар Кыргызстанды сүйүүгө, өз өлкөсү менен сыймыктанууга үйрөнө алат. Бирок, андан ары, дал сиздер, педагогдор, балдарыбызга билим гана бербестен, Кыргызстандын татыктуу атуулу болушуна да өбөлгө болуп, жардам берип жатасыздар» деди.

«КУМТӨРДҮН» ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНӨ КӨЗӨМӨЛ КАТУУ БОЛОТ

«Кумтөр» кенин иштеткен ишкананын ишмердигинде чоң өзгөрүүлөр болду. «Кумтөр» толугу менен Кыргызстандын менчигине өткөндүгүнө байланыштуу, үстүбүздөгү жылдын май айында Эсептөө палатасы тарабынан тийиштүү текшерүү жүргүзүлгөн.

Жыйынтыгында финансылык мыйзам бузуулар аныкталган. Тактап айтканда, күйүүчү-майлоочу майлар, азык-түлүктөр, тетиктер базар баасынан жогорку баада сатылып алынгандыгы белгилүү болду. Мындай мыйзам бузууларга жол берген «Кумтөр» компаниясынын жетекчиси Теңгиз Бөлтүрүк жана ишкананын финансылык директору Ыспек Токтогулов ээлеген кызматтарынан четтетилди.

Шаршемби күнү Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров, Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Камчыбек Ташиев Кумтөр кенине барды.

Анда Акылбек Жапаров кеңешме өткөрүп, алтын өндүрүүчү ишкананын жамаатына «Кумтөр Голд Компани» жабык акционердик коомунун жаңы дайындалган Президенти (Башкармалыктын төрагасы) Алмаз Барыктабасовду тааныштырды. «Кумтөр Голд Компани» жабык акционердик коомунун директорлор кеңешинин төрагасы болуп Болотбек Идирисов дайындалды.

««Кумтөр» Кыргызстандын элине иштеши керек. Биз ишкананын менеджментинен натыйжалуу жана сарамжалдуу башкарууну талап кылабыз. Жерде нандын бир күкүмү да жатпашы керек. Кумтөр элдин байлыгы жана ал элге гана пайда алып келиши зарыл. Ишке карата көзөмөл катуу болот. Эч кандай коррупциялык көрүнүштөр болбоого тийиш. Карьер бир секундга да ишин токтотпошу керек. Иште эч кандай кемчиликтерди кетирбөө зарыл. Министрлер Кабинетине дүйшөмбүгө чейин иш планыңызды тапшырыңыз. Ошол эле учурда 17,5 тонна алтын казып алуу боюнча белгиленген планды аткаруу зарыл» деген Акылбек Жапаров, компаниянын жаңы жетекчилигине жана кызматкерлерине ийгилик каалады.

Теңгиз Бөлтүрүк «Улуу көчмөндөр мурасы» Улуттук холдингинин жетекчиси бойдон калтырылды.

Башкы прокуратура жалпы көзөмөл иретинде Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин, Ички иштер министрлигинин, Эсептөө палатасынын кызматкерлери менен текшерүү иштерин баштады. Аталган текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча коомчулукка так маалымат берилет.

КМШ ЖАНА ЕАЭБ ЖАШТАРЫНЫН КЕЛЕЧЕГИ КЕҢ

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигинин жана Евразия экономикалык биримдигинин "Келечек" биринчи жаштар форумунун ачылышына катышты.

Иш-чарага Евразия экономикалык комиссиясынын Коллегиясынын Төрагасы Михаил Мясникович да катышты.

КМШ жана ЕАЭБ жаштарынын күн тартиби евразиялык интеграциянын жаңы векторлорунун бири экенин белгилеген Акылбек Жапаров:

"Бул форум Кыргыз Республикасынын демилгеси менен Евразиялык экономикалык биримдиктин органдарында төрагалык кылуусунун алкагында өткөрүлүүдө. Жаштар форумун өткөрүү боюнча эстафета мындан ары да уланат деп ишенебиз. Бүгүнкү форум 500дөн ашуун катышуучуларды, жаштардын эң активдүү өкүлдөрүн чогултту. Алардын арасында КМШ жана ЕАЭБ мейкиндигинде интеграцияга жана өз ара пайдалуу кызматташтыктын туруктуу өсүшүнө көп күч-аракетин жумшап жаткан адамдар бар" деди.

Акылбек Жапаров учурда өсүп келе жаткан муундун, интеллигенциянын жана бизнес-акселераторлордун КМШ жана ЕАЭБ өлкөлөрүнүн технологиялык жактан алдыга жылышы үчүн ишкердиктин заманга жараша ролун, кесиптин, инфраструктуранын маанилүүлүгүн түшүнүүсү абдан зарыл экенин белгиледи.

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Жаштар форуму КМШ менен ЕАЭБ мамлекеттеринин, бизнестин жаш өкүлдөрүнүн жана ишкер коомчулугунун туруктуу өнүгүүсүн камсыз кылууда адамзат алдында турган заманбап милдеттерди чечүү үчүн өз ара аракеттенүүнүн чыныгы натыйжалуу механизми болуп каларын айтты.

Даярдаган
Жылдыз ДЫЙКАНОВА

Келечек үчүн

УЛУТТУН КООПСУЗДУГУН КАМСЫЗДАГАНДАРГА КАМКОРДУК

Президент Садыр Жапаров 24-августта Бишкек шаарында улуттук коопсуздук органдарынын кызматкерлерине батирлердин ачкычын тапшырды.

Улуттук коопсуздук органдары тартипти орнотууда, мамлекетте коопсуздукту жана жарандардын бейпил жашоосун камсыздоодо чоң роль ойноорун белгилеген Садыр Жапаров: “Сиздер терроризмге, экстремизмге каршы күрөшүүдө жана өлкөбүздүн аймактык бүтүндүгүн сактоодо алдыңкы катарда болуп келесиздер. Сиздерге коомдогу туруктуулук менен укуктук тартипти бекемдөө, коррупция, кылмыштуулук менен күрөшүү жоопкерчилиги да жүктөлгөн. Бул жаңы мамилени, заманга шайкеш билимди жана чын ыкластан берилүүнү талап кылган ары татаал милдеттер”, - деди.

Ошондой эле азыркы заманды чакырыктары менен коркунучтары, дүйнөдө болуп жаткан өзгөрүүлөр чекисттерден өтө чоң жоопкерчиликти жана кесипкөйлүктү талап кыларын өзгөчө белгиледи. Мындай шартта өлкө коопсуздугун камсыздоодо атайын кызматтын кызматкерлерине өзгөчө сурооталап коюлуп, ишеним артылат. Аскер кызматкерлеринин социалдык маселелерин учурунда чечүү алардын жана жаш муундардын Ата Мекенди коргоого болгон умтулуусун арттырарын белгиледи.

Президент мамлекет аскер кызматкерлерин турак жай менен камсыз кылуу программасын ишке ашырууда мындан ары да ырааттуу аракеттерди жүргүзөөрүн айтып, “Сүйүктүү Кыргызстаныбыздын тынчтыгын камсыздоодо болгон аракетиңиздерди күчөтүп, чекисттик салттарды бекем сактап, мамлекеттин, улуттун келечеги үчүн ар дайым өз салымыңыздарды мындан ары дагы кошосуздар деп терең ишенем!”, - деди.

Коомчулук арасында “Эмне үчүн батирлер мугалимдер менен дарыгерлерге берилбей чекисттерге эле берилип жатат?" - деп айтылып жүргөн сөздөргө Мамлекет башчысы ачык жооп берди. “Биринчиден, өлкөнүн ички-тышкы коопсуздугу камсыз болбосо эч кимге батирдин деле кереги жок. Аны мына дүйнөдө болуп жаткан окуялардан көрүп, билип жатабыз. Ошондуктан болгон күчүңөрдү, убактыңарды мамлекеттин ички-тышкы коопсуздугун камсыздоого жумшаса деп биринчи кезекте сиздерди камсыз кылып жатабыз. Ушуну эсиңиздерге алып коюшуңуздар керек”, - деп, мамлекет мындан ары да мугалимдерди жана медицина кызматкерлерин жеңилдетилген турак жай менен камсыздоого дыкат көңүл бурарын билдирди. Жакшыртылган ипотекалык программа бир жылга жакын убакыттан бери иштеп жатканын, анын алкагында тиешелүү мүмкүнчүлүк бар экенин кошумчалады.

Бир жарым жылдын ичинде курулуп бүткөн турак жай 306 үй-бүлөгө эсептелген. Бир чаршы метринин баасы 300 АКШ долларын түзөт.

Даярдаган
Жылдыз ДЫЙКАНОВА

Элдик курултай

ТААСИРДҮҮ БОЛСУН ДЕСЕК ТАТЫКТУУ ДЕЛЕГАТТАРДЫ ШАЙЛАЙЛЫ

Президент Садыр Жапаровдун Жарлыгы менен Элдик курултайды ушул жылдын 25-ноябрында өткөрүү белгиленди. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 7-беренесинин 2-пунктунда аны уюштуруу жана иш тартиби Конституция жана Конституциялык мыйзам менен аныкталат деп жазылган. Бирок, Жогорку Кеңеш тарабынан “Элдик курултай жөнүндөгү” конституциялык мыйзам кабыл алынбай, биринчи элдик курултай Президенттин Жарлыгы жана Жарлыкка тиркеме катары чыккан Элдик курултай жөнүндө Убактылуу жобого ылайык өткөнү турат.

Убактылуу жобого ылайык, Элдик курултайга жалпы элдин атынан 1000 делегат катышат.

Өлкөбүз боюнча 452 айыл аймагынын ар биринен 2, облустук маанидеги 12 шаардан дагы 2, райондук маанидеги 18 шаардын ар биринен 1 жана Бишкектен 10, Ош шаарынан 6 делегат шайланып келет. Ошондой эле мигранттардан 28, диний коомчулуктан 10 делегат шайланат. Биринчи Элдик курултайда илимий-интеллигенция коомчулугунан өкүлдөрдүн саны так көрсөтүлбөсө да 1000 делегаттын арасында илимий жана маданий чөйрөнүн өкүлдөрү да курултайга делегат болуп шайланып келет деген ойдобуз.

Аймактардан курултайга делегаттар жергиликтүү коомчулуктун өкүлдөрүнүн Элдик курултайы жөнүндөгү жобого ылайык өткөрүлүүчү жергиликтүү курултайларда шайланат. Ал эми мигранттар чет өлкөлөрдөгү жарандарыбыздын кызыкчылыктарын коргоо максатында түзүлгөн жана тиешелүү тартипте ошол өлкөдө каттоодон өткөн коомдук уюмдар тарабынан шайланат. Бир коомдук уюмдан 1 делегат шайланышы керек. Убактылуу жобого ылайык, курултайга делегаттар 1 жылга шайланат. Делегаттарга анын мандатын тастыктаган документ (мандат) берилет. Элдик курултайдын чечимдери тиешелүү мамлекеттик органдарга сунуштама катары жиберилет. Белгилей кетчү дагы бир учур, Элдик курултай Сот адилеттигинин иштери боюнча кеңешке өз өкүлүн шайлайт.

Убактылуу жобого ылайык, Элдик курултай көпчүлүк добуш менен Курултайдын Төрагасын жана анын орун басарларын, катчысын шайлайт. Курултайдын Төрагасы Курултайдын 21 мүчөдөн турган Аксакалдар кеңешин да жетектейт. Аксакалдар кеңеши элдик курултайдын жумушчу органы болуп саналат.

Ал курултайдын жыйындарынан кийинки тыныгуу мезгилдеринде элдик курултайдын ыйгарым укуктарын ишке ашырып, кезектеги курултайдын кароосуна түшкөн сунуштарды чогултуп, жалпылап курултайга алып чыгууга даярдайт. Аксакалдар кеңеши зарылчылыкка жараша квартал сайын 1 жолудан кем эмес жыйындарын өткөрүп, өз ишин жүргүзө берет. Президент Аксакалдар кеңешине курултайдын кароосуна кирген жана тез арада чечүү зарыл болгон маселелерди киргизүүгө укуктуу.

Албетте, Элдик курултай институтунун ишмердиги анын делегаттарынын сапаттык курамына көз каранды. Буга чейин болгон эки курултайдын тажрыйбасынан улам коомчулукта бул институтка карата бирдей эмес пикирлер болушу күтүлгөн нерсе. Бирок биз дайыма бардык нерсе өз колубузда экенин унутпашыбыз керек. Эгерде элдик жыйындарда өз көз карашы бар, эч кимге көз каранды эмес билимдүү-илимдүү адамдарды шайлайбыз десе ким аларга тоскоол боло алат? Бүт республикабыз боюнча элге-жерге күйгөн, колунда иши, оозунда сөзү бар делегаттар шайланса курултай жөн эле кезектеги бир саясий компания эмес, чыныгы элдин мүдөөсүн аткарган институтка айланышы толук мүмкүн. Татыктуу делегаттар шайланып келгенде гана Курултай жалпы элдин таламын талашкан бийик трибуна боло алат.

Бул институт Конституция менен бекемделип, элдин өкүлчүлүктүү органы катары мыйзамдык негизде түзүлүп жатат. “Элдик курултай жөнүндөгү” мыйзам бул ирет кабыл алынбаса да кийинки жолу элдин кызыкчылыгына туура келген кошумча-алымчалар менен кабыл алынбай койбойт. Жогорку Кеңеште “Элдик курултай жөнүндөгү” мыйзам долбоорун кароодо айрым депутаттар тарабынан “Жогорку Кеңеш элдин атынан шайланган өкүлчүлүктүү орган”, “Курултай Жогорку Кеңештен ашып түшүптүр” дегендей пикирлер айтылды. Албетте, бул жаңылыш көз караш. Жогорку Кеңеш биринчи кезекте мыйзам чыгаруу органы. Анын бул укугун эч ким алып койгон жок жана алып коё да албайт. Кеп, биздин депутаттар өз ишмердигин ар кандай чарбалык иштерди чечүүгө кийлигишүүсүз көрө албай калышкандыгында болуп жатат. Депутаттар шайлоочуларына сапаттуу жазылган мыйзамдар жана алардын аткарылышына көзөмөл жүргүзүү аркылуу жардам бере алышат. Бирок бизде салт болуп калгандай парламент депутаттары биз эл өкүлүбүз деп Өкмөттү чакырып алып, “баланча айылга мектеп салыш керек, тиги көпүрөнү оңдош керек” деген сыяктуу маселелерге басым койгон учурлар болот. Бул элибиз, депутаттарыбыз үчүн да кадыресе эле көрүнүш. Анткени, бизде ушундай система түзүлүп калган. Эми конституциялык негизде Элдик курултай түзүлүп жаткандан кийин элдин атынан өкүлчүлүктүү орган катары Курултайды четке кага албайбыз. Өлкөбүздүн тажрыйбасында Эл өкүлдөр жыйыны жана Мыйзам чыгаруу жыйыны болуп эки палаталуу парламентти да баштан өткөрдүк. Балким бирин-бири кайталагандай кылбай парламент депутаттарынын санын 50гө чейин кыскартып, профессионалдык мыйзам чыгаруу органы катары түзүп, Элдик курултай институтун элдин атынан өкүлчүлүктүү орган катары кабыл алуу туура болот беле деген ой келет экен.

Эң негизгиси – курултай биздин элибиз үчүн жат эмес. Атабабаларыбыз илгертен эле курултай чакырып элдин жашоосу үчүн маанилүү маселелерди чечип келишкен. Эми жаңырган доордо Курултай элдин жашоотурмушун жакшыртууга, мамлекеттин өсүп-өнүгүүсүнө өбөлгө болчу таасирдүү жалпы элдик жыйынга айланышы ажеп эмес. Ал үчүн билими, принциби бар, алдыңкы көз караштагы активдүү жарандарыбызды делегат кылып шайлоодон адашпашыбыз керек. Элдик курултайдын канчалык таасири да, күчү да мына ушуга түздөн-түз көз каранды.

Бегим ТУРДАЛИЕВА

Улуттук тилге урмат

КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын төрагасы, профессор Каныбек ОСМОНАЛИЕВ:

“ТИЛДИН ӨНҮГҮҮСҮНӨ АР БИРИБИЗ САЛЫМЫБЫЗДЫ КОШОЛУ!”

Министрлер Кабинетинин демилгеси менен Мамлекеттик тил күнүнө карата 23-августта бир айлык жарыяланды. Андыктан, абдан ыкчам жана чечкиндүү кыймыл-аракеттерибиз зарыл болуп турат. Ошого карата сиздерге кайрылуум:

Ардактуу мекендештер!

Тил – Эгемендүүлүктүн символу! Тил – элдүүлүктүн башаты, идентүүлүктүн өзөгү. Эгемендүүлүк башаты эне тил үчүн күрөштөн башталган. Анын жыйынтыгы менен 1989-жылы кыргыз тилине мамлекеттик тил макамын (статусун) алууга жетишкенбиз. Андан бери далай суу акты, жашоонун өйдө-төмөнүн баштан кечирүү менен өлкөбүз өз алдынча келечекке кадам таштап келатат.

Албетте, бир топ иштер аткарылды, бирок аткарыла элеги андан көп. Кыргыз жараны, Улуттук комиссиянын төрагасы катары кыргыз тилинин бүгүнкү күндөгү абалы, келечеги мени ойлондурбай, тынчсыздандырбай койбойт. Ага бир топ негиздер бар экенин менден жакшы билесиздер.

Мен сиздерди Эгемендүүлүк майрамын утурлай, ага удаа эле белгиленчү Мамлекеттик тил күнүнө карата өткөрүлүп жаткан бир айлык иш-чараларга активдүү катышып берүүгө чакырам.

Келгиле, ар бирибиз – ким болбойлу, кайсы улуттун же кайсы кесиптин ээси болбойлу, кайда жүрбөйлү өз тармагыбызда мамлекеттик тил – кыргыз тилинин өнүгүшүнө колубуздан келген салымыбызды кошолу. Көп түкүрсө көл болот. Ар бирибиз ойлонолу, изденели. Атабабалардан аманат калтырылган улуу мурасыбызды сактап, келечек муунга татыктуу калтыралы! Баарыбыз сүйүктүү эне тилибизге болгон камкордугубузду күчөтөлү!

Бир айлык – бул бир ай ичинде аткарылып, ошону менен токтоп калчу иш-чара эмес, ал мындан аркы аткарылуучу иштердин багыты, башаты деп түшүнүүздөр. Мамлекетибиздин жетекчилиги бүгүнкү күндө тил маселесин – күндүн эң актуалдуу маселелеринин катарына коюп, колдоого алууда. Жакында бул багытта Президенттин Жарлыгы, Конституциялык Мыйзамдар кабыл алынары күтүлүүдө.

Бирок, жалгыз дарак токой болбойт. Сиздер, жалпы калайык калк колдоого албаса тилибиз өнүкпөйт. Мамлекет мага эмне кылып койду дебестен, мен мамлекетке эмне жасадым деген суроону ар бирибиз өзүбүзгө берели. Тилдин өнүгүшүнө, сакталышына, өнүгүүсүнө кошкон салымыңыз, бул сиздин өлкөбүздүн өнүгүшүнө кошкон салымыңыз!

Биз сиздердин сунуш-пикирлериңиздерди күтөбүз!

“ИЛИМ МЕНЕН БИЛИМГЕ КӨПҮРӨ – ТИЛ, КӨКӨЛӨТКӨН АДАМДЫ ТИЛИ ДЕП БИЛ”

Улуу ойчул, акын бабабыз Жусуп Баласагын жогоруда айткандай, адам баласы эне тили, дили менен гана өзүнүн ким экенин аныктай алат. Алдыда келе жаткан Мамлекеттик тил күнүнө карата 23-августтан тарта бир айлык жарыяланып, ушул күнү атайын жыйын болуп өттү. Анда КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиясы бардык министрликтердин жана ведомстволордун жетекчилери менен иш-чараларды бекитти. Үстүбүздөгү жылдын 30-апрелинде Министрлер Кабинети менчик формасына карабастан бардык иш кагаздар мамлекеттик тилге өтүшү керек деген тапшырма берген. Бул тапшырманы ишке ашыруу максатында Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиясынын төрагасы Каныбек Осмоналиев баштаган кызматкерлер Кыргызстандын жети облусун бир ай аралыгында кыдырып, түшүндүрүү иштерин жүргүзүп келишкен.

Улуттук комиссиянын төрагасы Каныбек Осмоналиевич: “Чынында кыргыз тилинин абалы оор деп айтсак да болот. Кээ бир жерлерде кенебестик, кээ биринде түшүнбөстүктөр болуп жатат. Мына ушул мамлекеттик тил күнүнө карата жарыяланган бир айлык иш-чаралардын алкагында тилдин кадыр-баркын көтөрүп, иш тартипти күчөтүү үчүн, дагы да министрликтер менен тыгыз иштешсек деген аракеттер жүрүп жатат. Буйруса эми биз “Инфоком” мамлекеттик ишканасынын “InfoDocs” электрондук документ жүгүртүү тутуму менен биргеликте Бишкек шаарында туруп эле иш кагаздарынын кайсы тилде жүрүп жатканын көзөмөлдөп, мониторинг жүргүзүү укугуна ээ болдук” деген оюн айтты.

Мамлекеттик тилди барктоо, даңктоо, жайылтуу жана өнүктүрүү иштерин аткаруу үчүн 30 иш-чара бекитилип, министрликтерге таркатылды. Ошондой эле, министрликтерге жана ведомстволорго бир айдын ичинде кыргыз тилине арналган иш-чараларды өткөрүү тапшырмасы берилди. Мамлекеттик тилди жайылтуу маселелеринде өлкөнүн ичинде гана эмес, сыртта мигрант болуп жүргөн мекендештердин да кызыкчылыктары эске алынары Министрлер Кабинетинин төрагасынын орун басары Эдил Байсаловдун сөзүндө маалым болду. Ал “Бир ай ичинде ар кандай форматтагы, илимий, интеллектуалдык, маданий жана башка иш-чаралар өткөрүлөт. Мамлекеттик тил мыйзамынын кабыл алынышы боюнча илимий конференциялар, мамлекеттик тилди даңазалоо максатында жаштар арасында теледебат, ток-шоу, флешмоб, жаш акын-жазуучулар арасында кыргыз тилин барктаган сынак, чет жердеги мекендештер арасында флешмоб жана башка ушул сыяктуу иш-чаралар өтүшү керек” деп билдирди.

“Кыргызтест” мамлекеттик мекемесинин директору Топоева-Ставинская Батма БОЛОТАЛИЕВНА:

“АРАКЕТ, ШАРТ БОЛСО ТИЛДИ БИЛҮҮ ДЕҢГЭЭЛИ ЖОГОРУЛАЙТ”

-“Кыргызтест” мамлекеттик мекемеси тилди билүү деңгээлин аныктоо боюнча онлайн да, офлайн да тесттерди жүргүзүп келет. Муну менен жаштар кыргыз тили боюнча өз деңгээлдерин билип алышат. 2018-жылы тестирлөөгө катышкан 12 миңдей адамдын 41 пайызы гана ийгиликтүү өткөн. Учурда бул көрсөткүч 10 пайызга жогорулады. Мен муну жогорку көрсөткүч дебейм. Аз да болсо жылыш, жыйынтык бар. Биринчиден тил үйрөнүүгө шарт түзүлүшү керек. Ошондой эле курстар уюштурулуп, китептер жетиштүү болушу зарыл. Андан сырткары адамдын аракети болсо мамлекеттик тилди билүү деңгээли жогорулайт.

“Улут Софт” компаниясынын жетекчиси Мирбек ОКЕНОВ:

“ТЕКСТТИ ҮНГӨ, ҮНДҮ ТЕКСТКЕ АЙЛАНДЫРУУ ЫКМАСЫ ИШКЕ АШТЫ”

- “Тилди үйрөнүүдө санарип форматтагы кызматтардын ролу чоң. Биз кыргыз тилинде сүйлөгөн “Жасалма интеллект” долбоорун иштеп чыктык. Долбоордун башкы максаты – кыргыз тилинде иш алып барган жасалма интеллекттин өрчүшүнө шарт түзүү. Программалык аппарат аркылуу жарандарыбыз санарип чөйрө менен кыргыз тилинде байланыш түзүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. Кыргыз тилинде иштелип чыккан жасалма интеллект ишке кирсе башка тилдерден которуу аркылуу тилибиздин илимий жана маалыматтык базасын кеңейтип, жарандарыбыздын башка тилде иш алып баруу муктаждыгын азайтат. Аталган долбоордун төрт этабынын экөөсү, текстти үнгө, үндү текстке айландыруу ыкмасы ишке ашты. Алдыда дагы эки этаптын үстүндө иш жүрүп жатат. Сингармонизмде – жасалма интеллектте, тестти үнгө айландырууда кадимкидей пайдасын көрдүк. Анткени сингармонизм сөздүн туура аталышына, туура сүйлөнүшүнө шарт түзө турган кубулуш. Мисалы орус тилин же болбосо англис тилинин бир моделин бир жумада иштеп чыга турган болсо, биз бир-эки күндө эле иштеп жетишип жаттык. Анткени, сингармонизм бизде кандай жазылса ошондой окулат.

Буйруса, 1-сентябрдан баштап иш кагаздарынын баары кыргыз тилинде гана жүргүзүлөрүн, бул боюнча жарлык даярдалганын КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиясы билдирди. “Эне тилин билбеген, элин сүйүп жарытпайт” демекчи, ар бир инсан элижерин, эне тилин сүйүп, барктап, баалашы абзел.

Жазгүл КАРБОСОВА

Булакты көрсөң көзүн ач

ЖАКШЫДАН ЖАШЫЛ БАК КАЛАТ

Жакында Кыргыз Республикасынын эл артисти, Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын лауреаты, искусство таануу илимдеринин доктору, профессор Роза Аманованын жана анын аткаруусундагы чыгармаларын мыкты деңгээлде аткаргандар үчүн атайын сынактын жыйынтыгы чыгарылды. Эки айга созулган сынактын негизги максаты – Президент Садыр Жапаровдун "Улуттук нарк жөнүндө" Жарлыгын иш жүзүнө ашыруу менен эгемендүү элибиздин улуттук идеологиясынын өзөгүндө турган салттуу музыкалык искусствону сактоого жана жайылтууга салым кошуу. Элдик санат-насаат ырларды калктын калың катмарындагы ээлеген ордун аныктоо менен өлкөнүн ар бир аймагынан эл алдына чыга албай жүргөн таланттарды колдоо болуп саналат. Сынак өзгөчөлөнүп социалдык желелер аркылуу жарыяланып, он эки жаштан алтымыш алты жашка чейинки жарандар катышты. Каттоо жана добуш берүү Р.Аманованын инстаграмм баракчасы аркылуу жүргүзүлүп, ага республикабыздан жана коңшу мамлекеттерден да чыгармачыл адамдар катышты.

Сынак эки этап менен өткөрүлүп, биринчи этапта интернет аркылуу элдин добушу жыйналса, экинчисинде көп добуш алган катышуучулар атайын калыстар тобунун кароосунан өтүштү. Азыркы ааламдашуу заманында интернет аркылуу пикир кошкон жана көргөндөрдүн саны эки миңден эки жүз миңге чейин жеткен. Жалпысынан 74 катышуучунун арасынан эң көп добуш топтогондор Чүй облусунан Саадат Жыргалбекова, Нарын облусунан Эркинбек кызы Акмарал жана Баткен облусунан Сүйүтбек Абдилатов биринчи орунду ээлешти. Экинчи орунга Жыпара Рапилова, Назик Данияр кызы жана Эркинбек кызы Курманжан татыктуу болушса, Нурзада Касымбек кызы, Нурзада Самарбекова жана Бактыгүл Кадырбековалар үчүнчү орунду багындырышты. Ал эми "Улуттар аралык достукту чыңдоого салым кошкондугу үчүн" өзгөчө номинациясын казакстандык Онала Заматова жеңип алды. Бардык жеңүүчүлөр акчалай сыйлыктан тышкары алдыдагы Роза Аманованын 50 жылдык кечесине арналган атайын концертте аны менен дуэт ырдаганга мүмкүнчүлүк алышты. Ошондой эле Роза Аманова концерттеги алар менен аткара турган ырларын студиядан жаздыруу, кийген кийими сыяктуу уюштуруу иштеринин бардыгын өз мойнуна алат. Сынактын бардык катышуучуларына "Кыргыздын салттуу музыкасы" фондунун ыраазычылык каты, жыйырма беш катышуучусуна Чыңгыз Айтматовдун 8 томдук китептер топтому тапшырылды.

Аталган фонддун жетекчиси Адила Кермалиева сынактын жүрүшү, жыйынтыгы тууралуу төмөндөгүлөргө токтолду:

- Биринчиден, сынактын ар бир катышуучусуна терең ыраазычылык билдирем. Калыстар тобунун мүчөсү катары алардын деңгээли, шыгы мени абдан таң калтырды. Убактылуу кыйынчылыктарга, турмуш-шартка шылтабай сынактын жобосуна ылайыктап видеолорун тартып, жазып, жыйынтыгын сабырдуулук менен күтүп жатышты. Бул сынакты өткөрүү жол-жобосу искусство чөйрөсүндөгү чоң жаңылык катары бааланып, кийинки өтүлүүчү сынактарга үлгү болот деп ишенем. Мындай сынак биринчи өтүп жаткандыктан кетирилген кемчиликтер эске алынып, жалпы жо-

бого өзгөртүүлөр киргизилет. Бардык катышуучулардын деңгээли, шык-жөндөмү мактоого татыйт. Мени өзгөчө кубандырганы, айрым катышуучулардын өлкөнүн алыскы аймагында жашаганына карабастан талантын эл алдына тартынбастан алып чыккандыгы болду. Аларды шыктандырган Роза Аманованын дагы эмгегин баса белгилеп айтпасам болбойт. Анын демилгеси жана колдоосу менен бул сынак жыл сайын өтүп турмай болду. Андыктан, бүгүнкү катышуучулар менен жеңүүчүлөр сынактын тарыхын жаратуучулар болуп калышат. Ал эми катышуучулардын аткаруучулук өнөргө болгон мамилеси, деңгээли абдан мыкты экен. Эл арасында талант баккан, жөндөмдүү, чыгармачыл жарандардын көп болушу кыргыз искусствосунун жаркын келечегинен кабар берет.

Ал эми сынактын демилгечиси, демөөрчүсү **Кыргыз Республикасынын эл артисти Роза Аманова** кыргыздын салттуу музыкасы калкыбыздын кайгысы менен кубанычын, тарых-таржымалын, эне тилин, максат-тилегин, үрп-адатын, салт-санаасын, эстетикалык жана философиялык түшүнүктөрүн санжырасы менен жомокторунан баштап эпосторунда, ырларында, обон-кайрыктарында жана күүлөрүндө сактап келгендигине токтолду:

- Оозеки түрдө жаратылып, сакталып жана муундан-муунга өткөн кыргыз салттуу музыкасынын өзгөчө бөлүгү болгон аспапчылык өнөрдүн алып жүрүүчүлөрү – чоорчу, сурнайчы, комузчу, жыгач жана темир ооз комузчулары. Күү жаратуудагы эзелтен келе жаткан өзгөрүлбөс ыкманын сакталуусу устат-шакирт аркасында кылымдар бою жашап келет. Кыргыздын салттуу музыкасынын авaздык-аспапчылык өнөрү – обон менен сөзүнүн ыргагы комуздун кайрыгына төп келген, обону алтын казынада сакталган залкарлардын аткарган чыгармаларын камтыйт. Өзгөчө аткаруучулук чеберчиликти, демдин туура алынышынан баштап аспаптын коштоо ыкмаларына чейин талап кылган бийик үлгүдөгү чыгармалардын жаралышы, сакталышы өнөр ээлерине жана аткаруучуларына байланыштуу. Он төрт жашымдан бери комузум колумдан түшпөй, кыргыздын салттуу музыкасынын үңгүсу болгон дастанчылык өнөргө ыктап жүргөнүмө 35 жыл болуптур. Өнөр секисинде ачуу-таттуу, ысык-суук күндөрдү баштан өткөрдүк. Баскан жол менен ашкан кырлар оңой болбосо да кыргызымдын салттуу музыкалык искусствосун сактоого жана жайылтууга тынбай салым кошуп келем. Кылчайып артка карасам сыймыктанып, мактанып айта турган ийгиликтерге жетиштим. Кудайым кут кылсын. Мезгил өткөн сайын өзүңдөн өзүң жыйынтык талап кыла баштайт экенсиң. Мен да артымдагы муунга, мага таасирленип боюн түзөп өнөр каалгасын ачкандарга жол көрсөткөндү милдетим деп түшүнөм. Бул жолу дагы ааламдашкан азыркы доорго ылайыктап, ушул сынакты жарыялап, өткөрдүк. Буюрса жыйынтык абдан жакшы болду. Эл арасында эмгек баалап, өнөр баккан замандаштарымдын бар экендиги кубандырат. Алдыда жасай турган иштер дале болсо арбын. Таасирленип, сыйлап, ишенип сынакка катышкан ар бир катышуучуга ыраазычылык билдирем.

Разия ЖООШБАЕВА

Эскерүү

БИР КЫЛЫМДЫ БАТЫРГАН ӨМҮР...

Разия Мырзакматовага бир кылымдык доордун ачуу-таттуусун, оош-кыйышын, адамзаттын болуп көрбөгөндөй жетишкендиктерин көрүү, дегеле 100 жылдык тарыхыбызга күбө болуу бактысы буюруптур. Узак жашап, 95 жашында бул дүйнөдөн узады.

Кичинесинен балдар үйүндө чоңоюп, кырчындай жаштыгы каардуу согушка туш келген. Улуу Ата Мекендик согуштан жарадар болуп кайткан Баки Ешмамбетовго 1946-жылы турмушка чыгат. Ушул мезгилден тарта эки жакшы адамдын үй-бүлөлүк таржымалы башталат. Б.Ешмамбетов кайсы гана жерде иштебесин Мекенине берилгендик менен ак ниет кызмат өтөгөн. Айрыкча Ош обкомунда иштегенде көп эмгек сиңирген. 1958-жылы Исхак Раззаков союзга депутат болуп шайланарда анын ишенимдүү өкүлү болгон. Кийин Ош мамлекеттик пединститутунда ректор болуп турганда окуу жайдын өнүгүшүнө чоң салым кошот. Коомдук жана мамлекеттик ишмер медалдар, анын ичинде III даражадагы "Манас" ордени менен сыйланган.

Дал ушул мээнеткеч, адамдык касиети жогору инсанга Разия Мырзакматова үй-бүлөдө тирек, камкор, оорун колдон алган жакшы жар болгон. Бардык кыйынчылыкты, кубанычты бирге бөлүшүшүп, 63 жыл чогуу жашашты. Эки уул, эки кызду болушту. Улуу уулу Радбек министрлик кызматка чейин жетсе, кызы Замира БУУда Кыргызстандын туруктуу өкүлү болуп иштеди. Уулу Малик мамлекеттик жооптуу кызматтарды аркаласа, кызы Гүлмира эмгегин педагогикалык ишке арнады. Балдарынын билимдүү, эң негизгиси жакшы адам болушуна ата менен Разия эне өлчөөсүз эмгек сиңирди. Анын жемиши – бардык

балдары ата-энесинин зоболосун бийик көтөрүп, өз эмгеги менен таза иштешип, ийгиликтерге жетишкени.

Р.Мырзакматова жолдошунун көзү өткөндөн кийин көп жылдан бери жыйнап келаткан китептерин Кара-Кулжа районундагы Баки Ешмамбетов атындагы китепканага берди. Б.Ешмамбетовдун эмгеги унутулбас үчүн бир топ иш жасап, жалпыга маалымдоо каражаттарына байма-бай эскерүүлөрдү жазып турду.

Разия Мырзакматова кайраттуу, чынчыл, токсондон ашкан курагында да жаңычыл, заманынан калышпаган адам эле. Кылым жашап, кылдай кыйшайбай өз принцибинен жазбаган, таза жашап өткөн инсан катары аны билгендердин эсинде бекем сакталат.

Жыргал МОМБЕКОВА,
КР билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер,
Бермет Маткеримова,
КР маданиятына эмгек сиңирген ишмер

Кабарлар

КҮРӨШ БОЮНЧА ДҮЙНӨ ЧЕМПИОНАТЫ ӨТӨТ

Кыргызстандык балбандар 10-18-сентябрда Сербиянын Белград шаарында өтө турган күрөш боюнча дүйнө чемпионатына катышат. Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигине караштуу Дене тарбия жана спорт департаменти дүйнөлүк чемпионатка Кыргызстандын атынан грек-рим, эркин жана кыз-келиндер күрөшү боюнча 15 спортчу бара турганын билдирди.

"ЭЛЕКТРОНДУК МЕКТЕП"

Кыргызстанда "Электрондук мектеп" деп аталган сынамык долбоор ишке кирет. Бул тууралуу Билим берүү жана илим министрлигинин Китеп басып чыгаруу, мектепте окутуу саясаты боюнча башкармалыктын жетекчиси Самаркүл Умралиева билдирди. Долбоор ден соолугуна байланыштуу мектептерге бара албай, үйдөн билим алган балдарга арналган. Статистика боюнча Кыргызстанда мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулардын саны эки миңге жакын.

"Бул долбоорду каржылоо көп каражатты талап кылат. Видеокамера жана техникалык жабдууларды алуу зарылчылыгы бар. Андыктан, быйыл долбоор аркылуу 100 баланы окутуу мерчемделип жатат. Бишкектеги №4 лицейде мугалимдер үчүн окутуучу бөлмөлөр түзүлөт. Бир класста 15 же 25 окуучу окуй алат»,- дейт Самаркүл Умралиева.

КАРООСУЗ КАЛГАН КИНОТЕАТР КАЙРАДАН АЧЫЛАТ

Талас облусунун Кара-Буура районунун Кызыл-Адыр айылындагы "Семетей" кинотеатры капиталдык оңдоодон өткөрүлүп, жакында ачылганы турат. Бул тууралуу Президенттин Талас облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүнүн басма сөз кызматы билдирди. Имарат 46 жылдан бери кароосуз турган. Кинотеатрдын имаратын оңдоо үчүн 8 млн 900 миң сом бөлүнгөн.

Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА

Карынын сөзүн капка сал

Кыргыз эл жазуучусу Калкамбай АШЫМБАЕВ:

“ЖҮРӨГҮҢДҮ КИР ЧАЛДЫРБА, КӨӨДӨНҮҢДҮ ДАРТ АЛДЫРБА”

(Башталышы гезиттин №76 санында)

Олоң чачтуу, кош этектүү, мойнуна шуру тагынган үкү тебетейлүү уят-сыйыттуу кыздарыбыз асмандын алты кабатына адашты.

“Падышаң кандай болсо, элиң ошондой” – дегендей жаңы президентибиз иштеген эки жылдын ичинде калк каадалуу олутун оңоп алгандай, нарк-насилин аздап кабылдаган мүнөздөр байкалды. Ургундай үй-бүлө жерге төшөгүн төшөп, дасторкон жая конок күтүп, батага марышты. Малдуулар жайлоолоп: “Түшүп, наам ооз тийгиле” – дегенге жарашты. Албетте, адеп-ахлактын аздап, тоздогон ал-абалына шүгүрчүлүк этели. Бирок, жапырт каада-салтты кабылдашка көнгөн көндүм тушап турат. Айрыкча, жаштарыбыз каада-салтты, наркты жапырт колдоого ала турган демилгелери байкалды.

Топ-топ болушуп, каада-салт, нарк-набат, санжыра билгендерди чакырып алышып, сөздөрүнө каныккандары бар.

Кыргыз баласы эзелтен баш кийимин барктап келген. Калпагын жүктүн үстүнө койгон. Азыр эми калпак деле кийбей калышты.

Эмки кеп – “Бөрк кеткиче – баш кетсин”, ушуга бир аз аярланалы. Байыртан бери ушул макалды медер туткандар башынан тебетейин же калпагын түшүрүшпөгөн. Отуз сегиз, отуз тогузунчу жылдардагы комузчулар жана башка аспаптардан түзүлгөн оркестрдин көрүнүшүн кинодон байкасак башында – тебетей, жонунда – чапан! Негизинен эски болобу, жаңысы болобу таза кийинип, көчөгө, конокко, майрамдарга барышкан. Көркөмдүү көрүнсө, көзгө кубат, жакшы сөз – жанга кубат, жакшылык көкүрөктүн башында турмак. Демек, сылык-сыпаалык, шекемдүүлүк, урмат-сый, жагымдуулук кай жагдайда болбосун жагалдана жарпыбызды жазып турган.

Бөркү – тебетейди, калпакты боз үйдө жүктүн үстүнө чыгарып коюшкан. Ал тургай балдардын баш кийимин жерде жаткырбай бийикке илишкен. Сөз бар – “Дос башка карайт, душман бутка карайт”. Эр азаматтар бөркүн оңдоп, көркөмдүүсүн кийишкен. “Ак калпагың башыңда болсун, алганың кашыңда болсун” – деген батаны чечмелеп көрүңүздөр. Ошондой эле келин да, зайып да, байбиче да жоолукту, элечекти өтө баркташкан.

Биздин илим-билимдүүлөр орустарды туурап, бөркүн алып, жылаң баштанып жүрүшкөн. Оо, дүйнө намыс кайда, ар кайда? Орустар хандарга, бийик төбөлдөргө кездешкенде баш кийимин ала ийилиңки турушкан. Бул “Башым тартуу, жаным тартуу” деген жышааны. Ал эми кавказдыктар, өзбектер, түркмөндөр кандай салтанат болбосун бөркү – башында. Алар салтанаттуу жайларда өз тилинен жанбайт. Биз тарапта жүз кишинин ичинде беш орус олтурса, эне тилиң эшикке сүрүлөт. Жаңы төрөлгөн наристеден өйдө орусчалап жүгүрөт. Ушундай ургансайлыкты көргөн Президентибиз ата-баба мурасын ыйык тутууга, эне тилди аздектөөгө ар бирибизге зор милдет такты. Буларды аткарбасак, эмнебиз – кыргыз?

Кыйла жылдап, аялзатын ардактап, алпештөө жагы тынбай айтылып, ал сөздөр өтөөсүнө чыга өрлөп барат. Бул дурус, кыргыз эли кызын төргө алып, энелерин эркелете асыраган. Ошондой учурда дээринде бар, таалим-тарбияга бышкан ургаачылар эркектин жолун кеспеген, эринен озунуп үйгө кирбеген, төргө чыкпаган. Аялзаты эркек баланын да алдынан чыкпаган. Бул ыйык салтты анда-санда гана абийирлүү аялдар карманып келет. Непада, эркектер келе жатса, соорусун салып, тескери карап турбаган. Муну – бейадеп дешкен. Төтөн тарпылдата басып, таркылдап сүйлөп, сөз талаша албууттанганды – наадандыкка тогогон. Аялзатынын тартына ыйбаалануу болгону “Адам тура” деген атка конгону. Күнү бүгүн адам болушка аттангандар аздап, көзгө чалдыгат.

- Калкамбай аба, сырткы көрүнүш, жагалдана жүрүп, жасалма сөз урган, албетте, модага да көңүл бургандар туурасында жана тубаса тунуктук тууралуу оюңузду эшитсек?

- Бул соболуңар жашоодогу адептин ана башы эмеспи?! Ооба, доор, мезгил түрлөнгөн сайын коомдук аң-сезим, коом ичиндеги көрүнүштөр өзгөрбөй койбойт. Биз ушундайча ойлойбуз. Бирок, биз, дүйнөлүк кубулушарга кайсы мамлекеттер үстөмдүк этип келгенин этибар албайбыз. Айрыкча Америка биздин түпкү тунук каада-салтыбызды түп орду менен жоготуп, өздөрүнүн кейпин кийгизип, өздөрүнүн жылаңачтанган шермендечилигин таңуулап, мода аркылуу акылы быша электерди азгырып жаткан ына карата болоттой бекем туруктуулугубуз тукулжурап барат. Тарбия-таалим жукпаган, такыбалыкты укпаган, көөдөнү өлө уктаган ургансайлар америкалыктарча жүрүштү самашат. “Билбеген уу ичет” – дегендей капиталисттик өлкө жөнүндө Карл Маркстын: “Батыштын көчүгү ачылып калды” – деп 1840-жылдарда айтканын эстерине алмак кайда?

Абийир, ыйман, адамгерчиликти, арнамысты тебелеп-тепсеп, басып алуучулукка баш коюп, кан төгүп, карапайым калктын көз жашы аркылуу алтын жыйып, атагы чыккан Американын ички дүйнөсүн билишпеген “бечаралар” алардын модасына алданып келишкен, айрымдары кулчулукка даяр.

Бул сөзүмө бир мисал, өткөн жылы телевизорду бурай койсом бир байбиче эки колун батышты көздөй сермелеп, ураан чакырат!

"Америкага барып окугула! Бекер окуу, бекердин бекери!" Анын безбелдектеп жатышына күнөм туулат. Кечээ эле ар кандай терс агымдардын китебин сатып, динин кабылдагандар четтен чыкпадыбы? Кулчулукка баш уруп өз элин, өз өлкөсүн саткандар бар эмеспи! Утурумдук олжого утулуп, улутун жек көргөндөр арабызда бирге жүргөн соң: “Кирери – эл, чыгаары жоодон” сактанган оң. Азыр адамдарда кыраакылык, намыстуулук, абийирдүүлүк алыстап, “Бай бололу, миллионер болоюн!” деген арсыздык канат жаят. Алардын тилеги кабыл болду, акыры, темир торлуу каалга бешиги болду. Айрымы кусту, төлөөрүн төлөдү, бирок артында айтылып калды абийирсиз өрнөгү.

Көзү өткөн көсөм карыяларыбыз: “Артымда сөз калбасын, Кудай алжытпай аманатыңды тарта көр” – деп мунажат этишкен. Не дегенде, маркумду түбөлүк жайына жайгарган соң жууганы элге жар салат.

- Маркум баланча кандай киши эле?

- Жакшы адам эле, асыл эле! – деген жооп эл тараптан айтылат. Ошондо укум-тукуму, куда-сөөгү, эли ынанып: “Топурагы торко болсун, жаткан жери жай болсун, ыйманы салабат болсун” – деп кайтышат. Мындан сырткары асылдардын жорук-жосуну жомок сымал эскерилип, тирүүлөргө: “Кудай бизге да ыйман берсин” – деген ойго кабылтат. Укумтукуму ата жолун улантып, уятсыйытты аруу тутуп, атага наалат келтиришпейт. Бул салт ата-баба мурасынын – ыйыгы.

- Эмне үчүн карынын жашын сураба деп айтылат?

Кай бирөөлөр терең карыган карыяга келип:

- Аксакал, канчадасыз? – деп соболдойт. Анда карыя:

- Ассалоом алейкум, уулум. Турпатыңа баам салсам, тунук тукумдуу үй-бүлөдөн экенсиң. Бирок, каада-салттан кабарсыз жайыңды айтсам, айып этпейсиңби?

- Кечирип коюңуз, атаке, бирдемени ойлоп алып, капыстан сурап калдым.

- А-а, карыдан жаш сураардан мурда салам жолдоп, өзүнүн ким экенин билгизип, кайсы уруунун кулуну экенин туюнткан соң: “Ата, айып көрбөсөңүз, бир собол бергим келди. Уруксат этесизби?” – дейт. Ошондо карыя:

- Уулум, карыдан жаш сураба, акыл сура. Узак жашап, тирүүсүндө унутулгандар бар, кыска жашап, кылымдар бою калк жүрөгүндө калгандар бар. Бул экөөнү айра албасаң өмүрүң агын суудай соолот” – дептир. Мына ушуларды туюна тутунсаң менин жашымды билген болосуң, – деп карыя онок сөздүүнү оң жолго салыптыр.

Баса, узак жашап неге унутулган, ушул узакка өмүр сүрүп, элди да билбей, эл аны билбей алиге жашагандар канча?! Жашоонун максаты – байып, амалдана акыйкаттан тайып: “Мен эле болоюн” – деген ойго кара башын сайып күн көргөн – ал бечара кара курсактын камында жүргөн.

Мына, бүгүнкү күндөгү айрым кишилердин очок башындагы ой чабыты.

Элден өзгөчөлөнүп жашаган – үй-бүлөсү мүлдө орусча тилде, балким ошондой да дилде. Албетте, көптү билет, такай америкалык мүнөздө жүрөт. Эми булар анча деле арбын эмес, бирок акылы жетиле электерди ээликтирип ээрчитип алышат. Мейли дешке дит барбайт. Атаганат, улуттук каада-салтты катуу талап этээр коомдук жана мамлекеттик көзөмөлдүү багыттын жоктугу! Үмүт үзбөйлү, бара-бара көч түзөлөөр...

Азыр ким болбосун шашыңкы шамалдап жүрөт, саламдашсаң болор-болбос баш ийкейт. Бирибири менен сырдашуу, баарлашуу чанда-чанда. Соболу да – чолок, жообу да – чолок. Сөз билбес – онок.

Дагы бир алгылыктуу үйүнүн жанына барганда “Түшүп, үйдөн даам ооз тийиңиз деген салт жоголду. Муну – көр оокатка башоту менен машмалдак аткандар, шашма, нарк билбестер, орус мүнөздүүлөр, мода куугандар – калк каадасын буугандар. Ата-энеси нарк-насилден кагылса, балдарында эмне шам?

Деле “Үйдөн даам ооз тийиңиз” – дегендин кеп төркүнүн кенебегендер: “Болбогон салт”, – дешип, барк албагандар кездешкен. “Ооз тийдим эмне, ооз тийбедиң эмне?” – деген када-салтка кастарын тиккен көпшөктөргө не арга?!

Байыртан бери элибизде сакталып, адам аттууну боорлоштукка, ынтымакка мейманчылыкка такай үгүттөгөн – нарк. Аттан түшө калып, мейман саламдашып үйүнө киргенде колуна суу куюлган, ал үйдөн көзү өткөндөргө Куран окуп, тирүүлөрүнө бактаалай тилеген. Ошондо барып, жайылуу дасторкондон нан ооз тийип, суусундук жуткан. Мындан соң таанышып, баарлашууга өтүшкөн. Эгер жолоочунун бараар жери алыс болсо, мейманга “кол жуугузуп”, эртеси узатышкан, Азыркылар “кол жуугузуп” дегенди билишпей калды. Мейманга малын алдына тартып, бата тиленип, кой союлуп, сыйлуу коноктоп туруп, жолуна салып койгон. Непада, колунда болбосо, жарык маанай менен ырыскылуу насибин алдына тартып, боорлошо кош айтышкан.

Балдар энесинен: “Энеке, биздикине мейман качан келет?” – деп каңкуулашкан. Меймандын тез келиши – балдарга түшкөн той эле. Не дегенде, ата-эне мейманга жаяр дасторкондо таттуу өрүк, мейиз, конфет, момпосуйдун түрлөрү арбын. Балдар мейман келсе, таттууга, ширинге татыгат. Андан соң мейманды кандай сыйлашка катыгат. Нарксалты жашынан жан дүйнөсүнө сиңген балдар бара-бара элдик уулдардан болушкан. Азыркы чык татырбас чынарбайлык – өзүмчүлдүк, кара боорлук, нарксалтты көрбөгөн, укпаган – ургансайлык.

Президентибиз ушундай кокуй-наалатты алдын ала сезип, улуттук аң-сезимдин, акылмандыктын уюткусу – сөздү асыроо жана ата-салтты аярлана урматтоо жөнүндө жарлыкты кабылдады. Бул – улуттук наркты жаздай гүлдөтүп, күздөй мөмөлөтө турган жарлык. Бул – ар-намысты жалындатып элдин эркин чыйралтып, ишенимге кынтыксыз бекитип, бири-бирин аруулаша аздектеп, ынтымакка уютаар – жарлык.

- Ардактуу аксакал, андасанда: “Барган жериңден – кеткен жериң аруу болсун”, “Кийинки көч – улуу көчтү көрүп түзөлөт” – деген макаллакаптарды эшитип калабыз. Ушундай уютмаларды уңгусунан бери чечмелеп берсеңиз?

- “Барган – жериңден, кеткен – жериң аруу болсун” – деген макал эл көчмөн турмушта жашаган кезинде жаралган экен. Не дегенде, экинчи бир өрөөнгө көчүп калганда, мурдагы конушун мурда кандай болсо, нак ошондой мизилдете тазалап кетишкен. Күлдү чуңкурга көөмп, үстүн топурактап бекитишкен, шамалда күл учпасын. Кемегени чым менен бекитишкен, чөп чыгып турсун. Айтор, мурда кандай болсо, нак ошого жакындатышкан. Демек, жаратылышты аруу тутушкан. Ал эми көчөр алдында короолошторго ажыраш аяк берип, батасын алышкан. Ошондо гана: “Жакшылык-жамандык ичибизде болсун. Көрүшөрдү Теңирим насип этсин. Мал-жаныңар, эли-журтуңар менен эсен болгула", – деп төштөшө кош айтышкан. Аларды ара жолго дейре узатып барышкан. Демек, кыргыз жашап кеткен жерин, элин ардактаган. Көзү өткөндөрүнө дуба окуткан. Жакшылыктарын жардашкан. Непада, кездешип калганда кусалыгы арткан достордой төштөшө сырлашкан.

(Уландысы бар)

Өмүрбек ТИЛЛЕБАЕВ

АЯГЫНА ЧЫКПАГАН ДОСТУК МАЙРАМЫ

ТОҢДУН “КҮН-ЧЫГЫШЫНДА” ТОҢГОН МУЗ



Жазуучу Мирзохалим Каримов элдердин достук-ынтымагын бекемдөө жаатында алкоого арзый турган маарекелерди өткөрүп келет. Мындай данакерлиги үчүн Кыргыз Республикасынын “Даңк” медалы менен сыйланган. Агайды кепке тартып, достук-ынтымак иш-чаралары тууралуу аңгемелештик.

– Мирзохалим агай, сиз 2017-жылы декабрь айында Сокулук районундагы 21 улуттун өкүлдөрү жашаган Төмөнкү-Чүй айыл аймагында жайгашкан маданият үйүнө Кыргыз Республикасынын Баатыры Бексултан Жакиевдин ысымын ыйгартып, салтанаттуу майрам өткөргөнүңүзгө күбө болгонмун. Майрам Тоң районунун “Күн-Чыгыш” айыл аймагында улана турганы да жарыяланган. Ошол тууралуу айтып берсеңиз?

– Республикабыздын ар кайсы аймактарында союз доорунан бери каралбай калган маданият үйлөрүн, окурмандарды өзүнө тартууга кудурети жетпеген китепканаларды көрүп жүрөбүз. Аларды оңдоп-түзөөгө өкмөттүн чама-чаркы жетпей келди. Ошонун кесепетинен алардын көпчүлүгү мамлекеттин идеологиялык, маданий-тарбиялык таянычы боло албай калды. Натыйжада, идеологиялык майданда бештук пайда болуп, ал бештукту салттуу динибизди четке чыгарууну самаган “фанатизм” ээлеп алууну көздөп келатканы жашыруун эмес. Абал ушундай арсар болуп турганда Сокулук районуна караштуу 21 улуттун өкүлдөрү жашаган Төмөнкү-Чүй аймагындагы ичи жакшынакай, сырты актап-сырдала турган маданият үйүнүн ишин кайра жандандырууну, элдердин достугун күчөтүүгө өбөлгө боло ала турган кандайдыр бир иш-чара өткөрүүнү көңүлгө түйүп жүргөн элем. Ары ойлоп, бери ойлоп аягында “Биз достуктун үрөнүн себебиз” деп аталган өзүмдүн жеке долбоорумдун (бул долбоор боюнча буга чейин республиканын ар кайсы аймактарында бир нече достук жыйындарын өткөргөнмүн) негизинде ошол маданият үйүнө Ысык-Көлдүн Тоң районундагы Бөкөнбаев айылынан чыккан, Кыргыз Республикасынын Баатыры, белгилүү драматург Бексултан Жакиевдин ысымын койдуруп, эки айыл аймактын элин түбөлүк достоштурууну ниет кылганмын. Кылдат ойлонулган бул иштин түйшүгү да, жоопкерчилиги да чоң экенин сезгенмин. Ошого карабай Бексултан Жакиевден макулдук ала электе эле 2017-жылы май айында Төмөнкү-Чүй айыл аймагынын башчысы Кемпирбек Эрмеков менен жергиликтүү Кеңештин төрагасы Жаныбек Акматовго бул оюмду сунуш кылдым. Алар дароо колдоп, демилгеме дем кошушту. Б.Жакиев болсо көпкө ойлонгондон кийин макулдугун берген.

– Максатыңыз оңой эле орундалган турбайбы?

– Башталышы жакшы болду. 2017-жылдын аягында ниет кылынган салтанат маданият үйүндө өзгөчө шаң менен өткөрүлдү. “Төмөнкү-Чүй” жана Б.Жакиевдин киндик каны тамган “Күн-Чыгыш” айыл аймактарынын башчылары түбөлүк достук тууралуу меморандумга салтанаттуу түрдө кол коюшту. Кыргыз эл акыны Ш. Дүйшеев, мамлекеттик жана коомдук ишмер Жумагул Сооданбеков, ошол кездеги Президенттин кеңешчиси С.Раев, Тоң жана Сокулук райондук мамлекеттик администрацияларынын өкүлдөрү Бексултан Жакиевдин ысымын маданият үйүнө ыйгаруу демилгесинин мааниси терең экенин, алысты жакын кылып, элдердин достугун бекемдей турган бул жаңылыкты бүтүндөй республикага жайылтуу зарылдыгын баса белгилешкен. Ошондо мамлекеттик жана коомдук ишмер Жумагул Сооданбеков бул иштин маани-маңызына төмөндөгүдөй баа берген болчу: “Азыр ар кайсы облус, район, аймак өз казанында кайнап, ЖКга депутаттарды шайлоодо, кызмат адамдарын дайындоодо аймактарга бөлүп-жаруучулук басымдуулук кылып баратат. Бийлик аймактардын карым-катышын күчөтүү жолу менен да биримдикти бекемдеп туруу зарыл. Ушул ыңгайдан алып караганда жазуучу Мирзохалим Каримовдун жаңычыл салтты жайылтууга көтөргөн демилгесин ар тараптан колдошубуз керек”.

Бексултан Жакиев болсо айыл элине терең ыраазычылык билдиргенден кийин толкунданып: “Мен адегенде бул сунушка каршы турдум эле. Жазуучу Мирзохалим Каримов бул иш-чара маданият үйүнө менин ысымымды коюу үчүн эле эмес, достукту бекемдөө, аймактар аралык биримдикти чыңдоо максаты да көздөлүп жатканын түшүндүргөндөн кийин каршы боло албадым. Мен сиздерге ыраазымын жана өзүмдү сиздердин жердешиңермин деп эсептейм” деген.

– Жасаган мээнетиңиздин жыйынтыгы кандай болду?

– “Той болот, тойдун эртеси да болот” деген жакшы кеп бар. Тилекке каршы, салтанатта “жаңычыл демилгени колдойлу, республикага жайылталы” деген жалындуу сөздөр астейдил айтылганы менен ошол бойдон унутулду да калды. Андан бери арадан 5 жылга жакын убакыт өттү. Түбөлүк достук меморандумуна кол койгон “Күн-Чыгыш” айыл өкмөтүнүн жетекчилиги Сокулук районундагы “Төмөнкү-Чүй” айыл аймагынын өкүлдөрүн чакырып, түбөлүк достук майрамын өз жерлеринде ушунча жылдан бери улантпай келе жатканы түшүнүксүз бойдон калууда. Албетте, бул иш-чаранын Бексултан Жакиев тирүү кезинде өткөрүлбөй калганы да өкүнүчтүү. “Түбөлүк дос болдук, эми бири-бирибизге өбөк-жөлөк болобуз” деп сүйүнгөн “төмөнкүчүйлүктөр” болсо “күнчыгыштык” досторунан ушунча убакыттан бери дубай салам угулбай келе жатканына кабатыр.

– Эми эмне кылыш керек деп ойлойсуз? Бул ишти биротоло токтотуп, кайдыгерликтин кесепетине багынып берейин дейсизби же өлкө үчүн ар тараптуу пайдалуу иштерди аягына чыгарайын дейсизби?

– Атактуу драматург Бексултан Жакиевдин арбагы ыраазы болсун үчүн бул ишти чала калтырып койбой, кеч болсо да аягына чыгарууну парз деп эсептеймин. Бул маселеге Мамлекеттик катчыбыз Сүйүнбек Касмамбетов, Тоң районунун мамлекеттик администрация башчысы көңүл бурат болуш керек деген үмүттөмүн. Алар менин жаңычыл демилгемди колдоп, жалпы республикага жайылтуу жагын эске алышса Тоңдун “Күн-Чыгышында” тоңгон муз эрип кетер беле...

– Максатыңызга жетиңиз. Маегиңиз үчүн рахмат.

Бактыгүл КУЛАТАЕВА

КЫТАЙ КАЛКЫНЫН САНЫНА КАМ КӨРҮҮДӨ

Кытайдын Саламаттык сактоо боюнча улуттук комиссиясы айымдарды боюнан алдырууга чектөө киргизди. Буга чейин өлкөдө калктын санын азайтуу максатында үй-бүлөдөгү балдардын санына чектөө киргизилип келген болсо, эми кайрадан алардын санын көбөйтүүнү максат кылып жатышат. Анткени, Кытайдын калкынын басымдуу бөлүгүн улгайган адамдар түзүп, жаштардын саны азайып кеткен. Мындан ары кош бойлуу айымдарга ден соолугуна байланыштуу гана боюнан алдырууга уруксат берилет. Кытай бийлиги энелерди жана балдарды социалдык жактан камкордукка алууга жакшы көңүл буруларын, калктын санынын өсүшүнө мыкты шарт түзүлөрүн убада кылды. Атүгүл тукумсуздукту дарылоого да жогорку деңгээлде көңүл бурулмакчы.

СПИКЕРДИН ЖОЛДОШУНУН ЖАЗАСЫ

АКШнын Өкүлдөр палатасынын спикери Нэнси Пелосинин жолдошу Пол Пелоси мас абалында унаа башкарып, жол тандабасты сүзгөнү үчүн беш күнгө камакка алынган. Сот анын кармалгандан бери камакта отурганын эске алып, төрт күнүн кыскартты. Калган бир күнү коомдук жумуштарга алмаштырылып, 6800 доллар айып пул төлөөгө милдеттендирилди. Учурда Пол Пелоси 82 жашта. Нэнси Пелоси менен Пол Пелоси 1963-жылы үйлөнгөн. Алардын беш баласы жана тогуз небереси бар.

ДҮЙНӨДӨ 8 МИЛЛИАРД АДАМ ЖАШАЙТ

Дүйнө калкынын саны расмий түрдө 8 миллиард адамга жетти. Бул көрсөткүч дагы өсүүдө. Бул тууралуу планетанын калкынын санын виртуалдуу эсептегич Countrymetrics. Info порталы билдирди. Анын маалыматы боюнча дүйнөдө 4 миллиарддан ашык эркек, 3 миллиард 900 миллион аял жашайт. Ошондой эле адам өлүмүнө себеп болгон жүрөк-кан тамыр, инсульт жана дем алуу органдарынын инфекциялык оорулары көп кездешээрин да аталган портал эсептеп чыккан .

IPHONE 14 САТЫККА ЧЫГАТ

Apple компаниясы жаңы үлгүдөгү IPhone 14 смартфонун 7-сентябрда сунуштайт. Компания пандемия башталгандан бери дээрлик бардык иш-чараларын онлайн түрүндө өткөрүп келгендиктен, бул жолку иш-чара да онлайн түрүндө өтүүсү пландалууда. Анда IPhone 14, IPhone 14 Max, IPhone 14 Pro жана IPhone 14 Pro Max, ошондой эле IPad, Apple Watchтын жаңы үлгүсү кардарларга сунушталат. Жаңы үлгүдөгү смартфон сентябрь айынын ортосунда сатыкка чыгат.

ЧЕТ ЭЛДИКТЕРГЕ КОЮЛГАН ЧЕК

Казакстанда 22-августтан баштап чет элдиктерге дизель майы кымбат баада сатылат. Бул боюнча аталган өлкөнүн энергетика министри буйрук чыгарды. Ага ылайык, Казакстандын башка

өлкөлөр менен чектешкен облустарында дизель майы республиканын башка аймактарына караганда жогору баада сатылат. Ал эми калган облустарда мурдагы баа сакталат. Мындан ары казакстандык айдоочулук күбөлүгү бар жарандар дизелдин литрин аймактарга жараша 230-260 теңгеден (39-44 сом) сатып алышса, чет элдиктерге бир литри 450 теңгеден (76 сом) сатылат. Ошондой эле дизель майын сатууга да чек коюлду. Казакстандык жеңил унаа ээлери суткасына 100 литрге чейин, жүк ташуучу унаасы барлар 300 литрге чейин сатып алышса болот. Көрсөтүлгөн чектен ашыкча алууну каалаган жергиликтүү тургундар дагы чет элдиктер сыяктуу жогору баа менен алышат.

Разия ЖООШБАЕВА

Жол – экономиканын күрөө тамыры

«Кыргызавтожол» мамлекеттик ишканасынын башкы директору Кадырбек НУРМАНБЕТОВ:

«ЖОЛ КУРУУ АЙМАКТАРДА

Кадырбек Ракымбекович Нурманбетов Фрунзе финансы-экономикалык техникумун 1983-жылы бүтүп, эсеп жана учёттук адистигин алган. Ал эми 2000-жылы Кыргыз мамлекеттик улуттук университетин аяктап, эсеп жана аудитордук кесипке ээ болот.
Эмгек жолуна көз чаптырсак: 1998-жылга чейин чарба жана мекеме-ишканаларда жөнөкөй эсепчиликтен баштап, башкы эсепчиликке чейин жеткен. Жол тармагына 1999-жылдан аралашат.
2004-жылга чейин Бишкек – Ош автожолунда башкы эсепчи болуп иштеген. Ошондой эле аталган мекеменин финансы жагынан директору болуп эмгектенген.
2005 – 2008-жылдары Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникация министрлигинде экономика башкармалыгынын башчысынын орун басары, экономикалык жана финансылык бөлүмдүн башчысы кызматтарын аркалайт.
2008 – 2010-жылдары Бишкек – Ош автожолунун башкы директору.
2010 – 2015-жылдары «Кыргызавтожол» мамлекеттик ишканасынын башкы директорунун биринчи орун басары, 2010-жылдын сентябрынан жаңыланып кайрадан түзүлгөн Жол чарба департаментинин директорунун орун басары болуп иштеген.
2015 – 2020-жылдары «Кыргызстан» топтолмо пенсиялык фонддун башкы директору.
2020 – 2021-жылдары «Арек Роад» ЖЧКсынын финансылык директору. 2021-2022-жылдары КРнын Транспорт жана коммунакация министрлигинин алдындагы «Кыргызжолтрансдолбоор» изилдөө институтунун башкы директору.
2022-жылдан азыркы убакытка чейин жаңы түзүлгөн "Кыргызавтожол" мамлекеттик мекемесинин башкы директору.

- Кадырбек Ракымбекович, жол тармагын чыңдоо максатында алгылыктуу иштер жандануунда. Мына ушул багытта жаңылыктарыңыздар тууралуу айтып берсеңиз?

- Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигине коюлган милдеттерди эффективдүү ишке ашыруу, натыйжаларга жетишүү үчүн жоопкерчиликти жогорулатуу максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-декабрындагы №346 токтомунун негизинде, жол тармагында кеңири реформаларды жүргүзүү багытында, КР Транспорт жана коммуникациялар министрлигине караштуу "Кыргызавтожол" мамлекеттик ишканасы түзүлгөн. "Кыргызавтожол" мамлекеттик ишканасынын алдына коюлган милдеттерди аткаруу максатында министрлигибиздин алдындагы Жол чарба департаментине караштуу №1-№28, №30-№48, №50-№52, №954-№960, бардыгы республика боюнча 57 жол тейлөө мекемелери, 2 жол курулуш мекемеси бизге кошулду. Азыркы учурда 7 областта филиалдарыбыз ачылып, өз иштерин жүргүзүп жатышат.

Биздин мекеменин негизги милдеттери, жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдорун оңдоо, күтүү, автотранспорт каражаттарынын үзгүлтүксүз жана коопсуз жүрүүсүн камсыз кылуу боюнча мамлекеттик буйруктмаларды аткаруу болуп саналат. Бул милдеттерди аткарууда биздин күжүрмөн жолчуларыбыз кыштын ызгаардуу суугуна, жайдын мээ кайнаткан ысыгына карабай талыкпай күнү-түнү эмгектенишет.

- Быйыл айттырбай келген табихый кырсыктар арбын болду. Жолчулар күн-түн дебей бел чечпей иштешти. Чынында сиздердин эмгегиңиздер эбегейсиз. Ошол оор учурда опол тоодой эмгек кылган жолчулар тууралуу айтып кетсеңиз?

- Жаз алды менен түштүк аймактарда нөшөрлөгөн жамгырдан катуу сел жүрүп, жолдорду суу каптап кеткен. Мисалы, Ош облусунун Ылай-Талаа-Гүлчө унаа жолунда катуу сел жүрүп, 23,6 чакырымдагы көпүрө кулап түшкөн. Ал жерде №959 жол тейлөө ишканасынын кызматкерлери, жумушчулары биринчилерден болуп зарыл иштерди жүргүзүштү.

Жакында эле болуп өткөн кесепеттерден айтсак, 30-июль күнү саат 11.00дөр чамасында кыска мөөнөттө нөшөрлөгөн жамгыр жаап, Бишкек – Нарын – Торугарт унаа жолунун 128-129-чакырымында, ошондой эле Боом капчыгайындагы Кыз-Күйөө айылында катуу сел жүргөн. Жолдун тез арада ачылышын бир эле ушул жолдо жүргөн жүргүнчүлөр эмес, бүтүндөй Кыргызстандыктар тилеп турушту, анткени Ысык-Көлгө эс алганы бара жатканы да, эс алуудан келе жаткандары да, миндеген мекендештер жол жабылып калганынан, ары-бери өтө албай калышты. Сел менен агып келген кум-топурактын көлөмү 20 миң куб метрди түздү. Ал жолду тазалоодо «Кыргызавтожол» мамлекеттик мекемесинин Кемин районундагы №32 жол тейлөө ишканасынын жолчулары күнү-түнү тазалоо иштерин жүргүзүп, таңкы саат 05.30да жолду ачып, жол жүргөнгө шарт түзүштү. «Көп түкүрсө көл болот» демекчи, мындай жагдайда бизге чоң жардам көрсөткөн «Кыргызтемиржолу» мамлекеттик мекемеси болду. Алардын да техникалары, жумушчулары тартылып келип, жолчулар менен бирдикте кыска убакыттын ичинде жолду тазалоого жетиштик. Биз темир жолчуларга терең ыраазычылык менен рахмат айтабыз. Мындай табияттын кырсыгында эч кимибиз сыртта карап турбашыбыз керек, колдон келген жардамыбызды берели. Табияттын тилсиз жоосунан жабыркагандар болбоду. Эми мындай мисалдарды айта берсек, жолчулардын эрдигине сөз жетпейт.

Лейлек районунун Раззаков шаарында жана чектеш айылдарында жол куруу иштери илгерилөөдө. План боюнча болжол менен 12 000 чарчы метр жерге асфальт-бетон төшөлдү.

- Кыргыз эли үчүн Түндүк менен Түштүктү бириктирген Бишкек – Ош унаа жолунун мааниси зор. Мында да сактык абдан зарыл. Төө-Ашуу тууралуу сөз кылбасак, кебибиздин тузу кемип калат. Учурда анда кандай иштер илгерилеп, аягына чыкты? Жол кырсыктарын алдын алуу аракеттериңиздер акыбетин берүүдөбү?

- "Көлбаев" атындагы тоннель мындан 22 жыл мурда реконструкция болгон. Азыркы убакытта бул тоннелге өзгөчө көңүл буруубуз зарыл, анткени жолдун жогорку катмарындагы асфальт тытылган, алдындагы бетон плиталары деформация болгон, суу өткөрүү түтүктөрү толук иштебей, суу тоннелдин ичиндеги жол эле эмес, капталдарына чейин чаап, кышкысын тоңуп, сырткы шыбак катмарын тээп салып жатат. Быйыл колубуздан келишинче оңдоо иштерин жүргүзөбүз, негизги жумушту келерки 2023-жылга пландаштырып жатабыз. Биринчи кезекте сууну толук дренаж системасына качыруу керек, андан кийин жолду оңдойбуз, антпесек жолдун үстүндө дайыма суу чыгып турса, анын үстүнө асфальт төшөө болбойт. Мындан тышкары, вентиляция системасын толук алмаштыруу, электр берүү жагын да жаңыртуу абдан зарыл.

8-августка карата тоннелди жамоо иштери аяктады. Соцтармактарда ар кандай сын-пикирлер айтылып жатат: "Тоннелдин ичиндеги жолдун ар бир жерин жамабай, толук эле асфальт кылып койбойбу" деген, бул маселеге мен жогоруда аргументи менен жоп бергендей болдум.

- Көптөн бери Суусамыр-Талас-Тараз унаа жолунун тегерегинде орун алган терс көрүнүштөр жөнүндө сөз болуп келет. Салынганынан да санаасы тыйылбады. Учурда абал, кыймыл кандай болууда?

- Суусамыр-Талас-Тараз жолунун 0-52 чакырымын (Суусамырдан баштап Өтмөк ашуусу, Тайжоргого чейинки аралык) реконструкциялоо 2009-жылы аяктаган, андан бери 13 жыл өттү. Сиз айтып жаткан көйгөйлөр Өтмөк ашуусу менен Талды-Булак айылынын жанындагы жолдордо орун алган. Быйыл ушул аталган жолдун 6,426 чакырым аралыгынын жогорку катмары фреза менен алынып, ордуна жаңы асфальт басылды. Өтмөк ашуусунда 6,818 чакырым жолдун үстүнө асфальт басылды, бул ыкма орто оңдоо болуп саналат (капиталдык оңдоо менен алмаштырып албагыла). Бардыгы болуп

Талас-Суусамыр жолунда иштер кызуу жүрүүдө.

БАРДЫК
А КУЛАЧ ЖАЮУДА»

Битум ташуу мезгилинен ирмемдер

13,244 чакырым жол оңдолду. Келерки жылы да бул жолго өзгөчө көңүл бурулат, анткени бул жол эл аралык маанидеги жол, жылдан-жылга бул жол менен каттоочулар көбөйүүдө.

Бүгүнкү күндө Суусамыр-Талас-Тараз унаа жолунун 0-52 чакырым аралыгында иш кызуу жүрүүдө. Талас филиалынын жол тейлөө ишканаларынын жолчулары 5720 чарчы метр көлөмүндө аңдап кеткен жерлерди, чуңкур, чөнөкчөлөрдү жамап жатышат. Мындан тышкары 3776 чарчы метр жерге ысык асфальт-бетон аралашмасы төшөлүүдө. Ошондой эле сиңирүү ыкмасы менен 1944 чарчы метр жер оңдолууда.

План боюнча 13,5 чакырымга асфальт-бетон төшөө каралса, бүгүнкү учурда 13,244 чакырым жолго асфальт-бетон төшөлүп бүттү. Бул деген быйылкы план толугу менен аткарылды дегенди билдирет.

Берметибиз Ысык-Көлдүн Бостери айылындагы “Золотые пески” пансионатынын кирме жолун асфальттоо иштери аяктады. №7 жол тейлөө ишканасынын жолчуларынын эмгеги чоң. Эс алуучулар ыраазы.

- Бардык жолдорубуздун саатын толук чыгарууга мүмкүнчүлүгүбүз жете бербейт. Ошондуктан улам жыртылган жолдорду жамоо иштери күн тартибинен түшпөйт. Мына ушул аңга, чуңкурга айланган жерлери арбын эски жолдорду ондоо боюнча оюңузду ортого салсаңыз?

- Эски жолдордун кетилген жерлерин калыбына келтирүү иштери ырааты менен аткарылат. Айтканыңыздай эле жолчулардын көп убактысы мына ушул чуңкурларды түздөөгө кетет. Жамаачы кийимди кандай элестетсеңиз, жамаачы жолду да ошондой элестетип көрүңүз. Убактылуу болсо да мына ушул жамоо иштери тогонок болууда.

Учурда жалпы пайдалануучу унаа жолдорунда 126 395,6 чарчы метр жамоо иштери илгерилөөдө. Ысык асфальт-бетон аралашмасы менен 105 963,6 чарчы метр жол бекемделүүдө. Тактап айтсак Чүй облусу боюнча 30 359 чарчы метр, Нарын облусу боюнча 2781 чарчы метр, Талас облусу боюнча 5536 чарчы метр, Ысык-Көл облусу боюнча 1466,3 чарчы метр, Жалал-Абад облусу боюнча 25 967 чарчы метр, Ош облусу боюнча 29 913 чарчы метр, Баткен облусу боюнча 9941 чарчы метр жамоо иштери аткарылууда. Ал эми сиңирүү ыкмасы менен жалпы 20 432 чарчы метр жолдун сааты чыгууда. Жамоо иштери март айында башталган. Октябрдын аягында аяктайт.

- Жол оңдоо иштеринде битумдун ролу зор. Битум менен жалпы камсыздоо камылгасына да токтолуп кетсеңиз?

- Кыргыз Республикасынын Президентинин тапшырмасынын негизинде жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин тиешелүү тескемесине ылайык КР Транспорт жана коммуникациялар министрлигине караштуу Жол чарба департаменти ТОО «КазахБитум» өндүрүштүк заводу менен Кыргызстанга жол битумдарын сатып алуу боюнча келишим түзүлгөн. Келишимдин алкагында автоцистерналар менен жеткирилүүдө. Ташууга жана сактоого кеткен чыгымдарды да үнөмдөөгө жетиштик. Ошондой эле асфальт-бетон заводдоруна жана алардын жакынкы битум чуңкурларына чейин жеткирилгени битумдун сапатын сактоого жеңил болду. Бардык керектүү лабораториялык тесттер жүргүзүлдү. Жол битумунун сапаты стандарттарга (ГОСТ) туура келет. Ошондой эле тийиштүү сертификаттар менен тастыкталган.

- Кадырбек Ракымбекович, кыргыз элинин улуу майрамы эгемендүүлүк күнүбүзгө саналуу гана күндөр калды. Улуу майрам алдында айтар кандай тилектериңиз бар?

- Кубанганым, кыргыз эли жакын аралыктын ичинде зор ийгиликтерге жетип, бардык тармактарда жарк эткен жаңылык-

Боом капчыгайындагы жол ачуу мезгилинен ирмемдер.

иштер иш жүзүнө ашырылууда. 2022-жылдагы пландагы жумуштарды аткаруу үчүн 20 миң тонна жол битуму зарыл. Азыркы кезде ушул көлөмдүн 16,8 миң тоннасын алдык. Быйылкы жылы битум менен камсыздоо, абдан жакшы чечилди.

Мурунку жылдары битум темир жол аркылуу ташылуучу. Темир жол менен келгенден кийин аны бир гана битум сактоочу темир жолдун жээгиндеги ямаларга төгөт элек. Аны төгүү үчүн да бир-эки, кээде жумалап вагон-цистерналарды пар менен ысытууга туура келчү. Битум ямадан кайра ысытылып, битум ташуучу унааларга жүктөлүп, АБЗларга жеткирилчү. Аны түшүрүп, сактап, кайта автомобиль транспорту менен ташуу машакаты көп болгон, эң негизгиси убакыттан уттурар элек. Быйыл алганыбыз, негизги битум ямалардан тышкары, анын тегерегиндеги 300 чакырым аралыктагы АБЗларга чейин ысык бойдон тар байкалууда. Мына ошолордун арасында жол куруу тармагы да турууда. Кайсы гана район, шаар, аймактарга барбайлык жолдор курулуп жатат. Жол – экономикабыздын күрөө тамыры деп бекеринен айтылган эмес. Алыстан, жакынкы жана алыскы өлкөлөрдөн келген мейман, туристтер жана башка карымкатнаш менен келген чет элдиктер келгенде оболу эле жолубузду сындайт. Мына ушул жолдорубузга жараша баасын берет. Ошондуктан жол куруу максаттарынан өткөн максат болбосо керек.

Кесиптештеримди, жолчуларды эгемендүүлүк майрамы менен чын жүрөктөн куттуктайм. Мекендештериме ынтымак-ырашкерликти каалайм. Биз биримдик, ынтымак менен гана өлкөбүздү гүлдөтө алабыз. Жолуңуздар ар дайым шыдыр болсун!

Айчүрөк МАКЕШОВА

Нарын облусунун Ат-Башы-Кында-Торугарт унаа жолунун 43-чакырымына узундугу 30 метр темир курама орто унаа көпүрөнү орнотуу июль айынын аягында аяктады. Жалал-Абад облусунун №2 жол курулуш башкармасы менен Нарын облусунун №20 жол тейлөө ишканасынын азаматтары эмгектенди.

Ден соолук сырлары

Тай-цзи чебери Медер БИШКЕК:

“ОМУРТКАНЫ КАНЧАЛЫК ТААНЫГАН САЙЫН ОШОНЧОЛУК АБАЙЛАЙСЫҢ”

Учурда дарыгерлик жана илимий иштери менен алектенип жүргөн Чыгыш медицинасынын дарыгери Медер Бишкек Тай-цзи, Ци-гун көнүгүүлөрүнүн ден соолукка пайдасы жана омуртка тутумуна байланышкан сколиоз оорусу тууралуу айтып берди.

ТАЙ-ЦЗИ – КЫТАЙ ЭЛИНИН УНИКАЛДУУ ӨНӨРЛӨРҮНҮН БИРИ

- Тай-цзи байыркы замандарда, мындан миңдеген жыл мурда пайда болгон. Түбү даос йогасына барып такалат. Кыймыл көнүгүүлөрүнүн принциптери, психологиясы даосфилософиясына негизделген. Ден соолукка абдан пайдалуу болгондуктан, бүгүнкү күндө Кытайдын өзүндө эле 200 миллиондон ашык адам машыгат. Адаттагы дене тарбия көнүгүүлөрүн жасоодо булчундар жыйрылат жана чоюлат. Муну чымыркануу менен жасалган физикалык көнүгүүлөр дейбиз. Ал эми психофизикалык көнүгүүлөр аң-сезим, медитация аркылуу жасалат. Дене бош абалда кармалып, терең дем алуулар менен аткарылат. Мистикалык жагынан медитациялар психиканы бошондотуп, нервди эс алдырат.

МЕДИТАЦИЯ ЖАМАН ОЙЛОРДОН АРЫЛТАТ

- Эгерде адам баласы медитация менен такай машыкса, ал ашыкча ойлордон арылат. Бир суткада адамдын акыл эсине 40 миңден 60 миңге чейин ар кандай ойлордун келип-кетээри илимий жактан далилденген. Ойду кармап туруу 5-6 секунд. 10 секунд кармагандар сейрек кездешет. Бул көбүнчө ырчыларда, сүрөтчүлөрдө, обончу сыяктуу чыгармачыл адамдарда болот. Негизинен чачыранды, жаман ойлордон адам баласы жабыркайт, чарчайт, ден соолугун жоготот. Жаман ойлор адамдын физикалык абалын дагы, психикалык абалын дагы, эмоционалдык абалын да начарлатат. Дароо иммунитетти түшүрөт. Бир заматта келген жаман кабардан адам ооруга чалдыгып калышы толук ыктымал. Ошол ойлорго “кожоюн” болуш үчүн адамга медитация практикалары жакшы жардам берет. Тай-цзи менен машыгуу адамдын ден соолугунун иммунитети менен катар, психологиялык иммунитетин да бекемдейт.

12 МЕРИДИАН 12 ОРГАН МЕНЕН БАЙЛАНЫШКАН

- Кытай медицинасында меридиандар теориясы бар. Адамдын денесинде 12 негизги меридиандар, 12 булчуң меридиандары, 12 кошумча меридиан, 15 бутакталган, 360 өтө майдаланган коллатерал, миллиондогон клеткага чейин жеткен субколлатералдар бар. 12 меридиан 12 орган менен байланышкан. Суук тийип же жыгылып, же кандайдыр бир жаракат алып, психологиялык стресс алган учурда меридиандардын бирөөсү тосулуп калышы мүмкүн. Ал кайсы орган менен байланышып турса, ошол органыбыз ооруй баштайт. Өмүрлүк энергия жетпей калат да, оору башталат. Тосмону ачуу үчүн машыгуудан сырткары чекит массаждары, ийне саюу, Ци-гун терапиясы жакшы жардам берет. Мисалы, жүрөктүн чел кабыгы болгон перикардды жүрөктүн “жан сакчысы” деп түшүнсөк болот. Образдуу алганда машыкпаган адамдын жүрөгүнүн перикарды жука кагаздай болот. Жука болгондуктан эмоция, стресстин баары жүрөктөн оңой эле өтүп кетет. Тай-цзи, Ци-гун менен машыкканда жүрөктүн чел кабыгы бекемделет. Ара-чолодо эмес, тынбай машыгуу менен жүрөктүн жан сакчысы болгон жука кагазды калың кагазга, ал эми калың кагазды тактадай кылып койсо болот. Ошондо жүрөккө анча-мынча стресс өтпөйт. Психологдордун айтымында, оорулардын 70%ы психологиялык, 30%ы физиологиялык себептерден улам пайда болот. Алар жаракат, суук тийүү, вирустук-инфекциялык болот. Психологиялык оорулардан диабет, инсульт, инфаркт, рак оорулары пайда болот. Тай-цзи көнүгүүлөрү менен машыккан адамда ушул оорулар аз кездешет. Бул көнүгүүлөр физиологиялык жактан муундардын иштешин жакшыртат. Омуртка тутумдарына абдан пайдалуу. Сөөктөрдү бекемдеп, булчуңдарды чоюп, физикалык абалды чыңдайт. Негизи профилактика үчүн жумасына 2 же 3 жолу, 2 сааттан машыкса болот. Ал эми оорусун айыктырам дегендер күн сайын машыгуусу керек.

Устатым Макен Исаков менен быйылкы жайда Ысык-Көлдө Тай-цзи, Ци-гун программалары боюнча өткөн машыгууларга чогуу катышып жүрдүк. Агай Орусиядан жылына бир жолу келет. Челябинск шаарында жашайт. Жашы 76да. Машыгуу эртең мененки 6да, кечки 10до болот. Биз менен теңме тең, эки маал машыгат. Мындай жашта адамдар көнүгүүлөрдү бир эле жолу кайталашы мүмкүн. Деми кыстыгып, жүрөгү тез согуп, кыйналып калышат. Устатым күн сайын машыкканы үчүн кайраттуу, демдүү. Иммунитети күчтүү, ден соолугу жакшы.

ТАЙ-ЦЗИНИН ФИЛОСОФИЯСЫ – УНИКАЛДУУ ГАРМОНИЯ

- Ийне саюудан, чекит массажынан, дары чөптөрдөн же медикаменттерден жакшы айыкпай калган адамдарга дарыгерлер Ци-гун менен машыгуу керектигин айтышат. Кытайда ооруканадан чыккан адамдарга сунушташат. Жапонияда медицина илимдеринин доктору, атактуу хирург Тосихико Яма кээ бир хирургиялык жол менен чечиле турган ооруларды Ци-гун менен операциясыз эле айыктырса болорун белгилеген. Бул боюнча абдан кызыктуу, фундаменталдуу “Ци терапия” деген китебинде баяндаган.

Негизи Тай-цзи менен Ци-гун өнөрлөрү кошулганда күчүнө кирет. Экөөсүн бирдей алып кеткенде абдан жакшы натыйжа берет. Тай-цзинин философиясы абдан уникалдуу. Ден соолукту гана чыңдабастан, үй-бүлөдө, достордун арасында, мамлекеттик иштерде, саясатта, кайда болбосун анын философиясын колдоно турган болсок, уникалдуу гармонияга жеткирет.

ЖАШТАР АРАСЫНДА СКОЛИОЗ КӨП

- Азыр остеохондроз, сколиоз менен ооругандар абдан көп. Остеохондроз моюнда, көк желкеде, арка омурткаларында жана белде болот. Ал эми сколиоз – жалпы омуртка тутумунун көйгөйү.

Айрыкча жаш балдар арасында абдан көп. Сколиоз бара-бара ар кандай ооруларды пайда кылат. Кытайларда “омуртка улуу мырза, жүрөк кичүү мырза” деп айтылып, айрыкча адамдын тулку боюн кармап турган омурткага көңүл бурушат.

Сколиоз - омуртка тутумунун түзүлүшүндөгү өзгөрүүлөр. Бала отуруп, туруп баса баштаганда калыптанат жана окуучуларда көбүрөөк кездешет. Анын күчөшүнө итий, начар тамактануу, витаминдердин жетишсиздиги түртүү болот. Ичтеги баланын туура эмес өрчүшүндө тубаса сколиоз пайда болот.

Азыр балдар арасында сколиоздун абдан көбөйүп кеткенинин дагы бир себеби, кай жерди караба, балдардын болобу, чоң кишилердин болобу колдорунан мобилдик телефон түшпөйт. Ылдыйды караган моюнга он мүнөттөн кийин эле салмак кошула баштайт. 20 мүнөттөн кийин 7 кг салмакты коюп койгондой болот. Натыйжада көрүү органдары жабыркайт. Андан кийин кулакка, мээге берет. Биринчи омуртка жылып кетсе, бала ачуулуу боло баштайт. Экинчи омуртка кысылса көзгө, үчүнчү омуртка тишке, төртүнчү кулакка, бешинчи үн түйүндөрүнө, алтынчы омуртка жылса (көкүрөк омуртка) ашказанга, экинчи арка омурткадан жүрөккө, үчүнчүдөн өпкөгө, төртүнчүдөн өткө, онунчу омурткадан бөйрөккө берет. Бөйрөк оорусунун себептери да омурткада жатышы мүмкүн. Бешинчи бел омурткадан буттун учуна карай кетет. Төртүнчүдөн куяң оорусу пайда болот. Ошондуктан, омурткага өтө аяр мамиле кылып, ошол эле учурда көнүгүүлөрдү жасап, кыймылдатып, иштетип туруу керек.

СӨӨКТӨР 18 ЖАШТАН 25 ЖАШКА ЧЕЙИН КАТЫЙТ

- Сөөк сынса отуз жашка чейин тез бүтүп, тез айыгат. Бул убакта табият колдойт. 30 жаштан кийин тескерисинче, табият организмге каршы иштей баштайт. Бул учурда адам өзүнө көбүрөөк көңүл бура башташы керек. Негизи балам оорубасын десек, аларга жаш кезинен эле көнүгүүлөрдү жасаганга үйрөтүү керек.

Илгери мага көрүнгөнү уйгур улутундагы 14 жаштагы бала келчү. Кичинекей кезинде катуу жаракат алып, омуртксасы ийрейип, бою өспөй калган. Бир курс дарылануудан кийин бою 4 сантиметрге өстү. Көнүгүүлөрдү бир күндө кеминде 2, болбосо беш жолудан жасоону айттым. Балдардын ден соолугунда энелердин ролу абдан чоң. Ээрчитип келген апасы уулунун ден соолугу үчүн күрөшүп, ар бир айтылгандарды так аткарып, катуу көзөмөлдөгөн. Дарылануудан кийин ал жигиттин омурткалары ордуна түшкөн. Азыр узун бойлуу, келбеттүү жигит.

ОМУРТКАГА КАТУУ МАМИЛЕ ЖАСООГО БОЛБОЙТ

- Кацудзо Нишинин “Алтын эрежелер” деген китебинде: “Биринчи алтын эреже катуу төшөк, экинчиси катуу жаздык” деп айтылат. Андан кийин көнүгүүлөр турат. Мисалы, күндүзү биз ойгоо кезде омурткаларды түз кармап жүрөбүз. Ал эми түндөсү 3-4 саат эле омуртка туура келбеген абалда уктап калсак жана бул күнүгө кайталанып адатка айланса, омурткаларда жылышуу процесси жүрө баштайт.

Чалкалап жатканда адам өтө бийик эмес же жаздыкты койбой деле жатса болот. Капталдап жатканда ийинди басып жатпоо керек. Мага көрүнгөнү келген кишилерге капталдан жатканда ийиндер кандай абалда турушу керектигин көргөзүп берем. Туура эмес жатып, омуртка тутумунун бузулуусунан улам ар кайсы жерибиз ооруй берет. Физиологиялык оорулардын 90%ы биринчи кезекте омурткадан башталат. Мисалы, моюн омурткадан көзгө кеткен нерв кысылып калса, убакыттын өтүшү менен көрүү начарлай баштайт. Салттуу медицина же болбосо батыш медицинасы көбүнчөсү ооруган жерди гана дарылайт. Оорунун себеби кайдан келгенин карабайт. Көздү канчалык дарылабасын, ал натыйжа бербейт. Моюн омурткасын айыктыруу үчүн көнүгүүлөрдү жасоо керек. Моюнду азыр кээ бир жерлерде карсылдатып катуу бурашат. Бул такыр туура эмес. Аны абайлап спортсмендерге, күн сайын көнүгүүлөрдү жасап жүргөн кишилерге жасаса болот. Катуу кырсылдатып бураганды кальцийи жетиштүү адам көтөрөт. Ал эми кальций жетишпеген адамда грыжа же протрузия пайда болушу мүмкүн. Ошондуктан “катуу мамиле” омурткага болбойт. Он миңдеген адамдардын омурткасын укаладым. Канчалык омуртканы түшүнүп, тааныган сайын аны ошончолук абайлайсың. Анткени, кичинекей эле нерв клеткалары тоодой чоң ооруну пайда кылат. Туура эмес мамиле 10 жылдан кийин да чоң маселе жаратышы мүмкүн. Ошондуктан, биз Ци-гун, Тай-цзи көнүгүүлөрүн сунуштайбыз. Йоганын көнүгүүлөрү омуртка тутуму үчүн табылгыс дары.

40тан АШЫК КИТЕП ЖАЗДЫМ

- Кыргызстан эли ден соолукка өзгөчө маани берип, атайын программа менен жашасак дейм. Китеп окуп, билим алуу, илим үйрөнүү – адамдык сапатты бийик деңгээлге чыгарат. Чыгыш жана Батыш медицинасы, философиясы, психологиясы, тарых, көркөм чыгармалар, улуу инсандардын өмүр баяндары, экономика, мамлекеттик башкаруу системалары, идеология ж.б. темалар тууралуу бир нече китептерди окуп, илимге-билимге кызыгуум барган сайын күч алууда. 40тан ашык китеп жазып, сегиз китепти жарыкка чыгардым. Улуттук идеологияга салым кошсом деген максатта “Кыргызча тактык 5 мүнөт эрте” деген китеп жазгам. Экинчиси, кыргыздар эртең мененки көнүгүүлөрдү жасап, машыгышса деген жакшы ниетте көнүгүүлөрдөн турган “Кыргыздар таңды сурья-намаскар менен тосушат” деген китебим орусча котормосу менен чыкты. Эртең менен күн чыгып-чыга электе күндү тосуп көнүгүү жасоо ден соолукка абдан пайда. Таңкы күндүн энергиясы менен омуртка, ийин, бел, бут, тизе, чыканак бардык муундар иштейт.

Өзүбүздө өндүрүлгөн нукура, экологиялык жактан таза тамак-аштарды сатып алсак деген ойду камтып “Кыргыз кыргыздан соода кылат” деген китебимде өлкөнүн экономикалык абалы тууралуу жазылган. 2-3 жыл мурда “Кыргыз үйгө киргенде дароо колун жууйт” деген дагы китепче чыгардым. Андан кийин көп узабай пандемия мезгилинде колду үйгө киргенде таза жууш керек деген тема актуалдуу маселеге айланды. Акыркы китебим “Кыргыздын 7 күндүк майрамы” деп аталат. Анда кыргыздар кайгы-капаны унутуп, позитив менен ар бир күндү майрамдагыдай өткөрсө деген ойлор, идеялар айтылган. Мындан сырткары “Тай-цзи сыры ачылсын”, “Император каган массажы”, “Тай-цзи керемети – 27 форма” деген китептеримди жарыкка чыгардым. «Ци-гун – XXI кылымдын медицинасы», «Ийкемдүүлүк – ийгиликтин ачкычы», «Кыргыз айымдары – Кыргызстанды сактап калат», «Мекенчилдик – Кыргызстанды өнүктүрөт», «Тай-цзи терапия», «Медиативдүү сүйүү адамдын бактысын ачат» деген китептерим басууга даяр турат.

Бактыгүл КУЛАТАЕВА

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2009-ЖЫЛДЫН 18-ДЕКАБРЫНДАГЫ №791 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨЗГӨЧӨ КЫРДААЛДАР МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ СУУЧУЛДАРДЫ ДАЯРДОО ЖАНА СУУ АЛДЫНДАГЫ ТЕХНИКАЛЫК ИШТЕРДИ АТКАРУУ БОРБОРУ (СУУЧУЛДАР КЫЗМАТЫ) ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Суучулдарды даярдоо жана суу алдындагы техникалык иштерди аткаруу борборунун (Суучулдар кызматы) кызматкерлеринин эмгегине акы төлөө системасын өркүндөтүү жана иретке келтирүү максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 18-декабрындагы №791 "Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Суучулдарды даярдоо жана суу алдындагы техникалык иштерди аткаруу борбору (Суучулдар кызматы) жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) төмөнкүдөй мазмундагы 1^1-пункт менен толукталсын:

"1^1. Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Суучулдарды даярдоо жана суу алдындагы техникалык иштерди аткаруу борборунун (Суучулдар кызматы) кызматтык маяналарын эсептөө үчүн негиз болуп саналуучу минималдуу базалык ставка 7 040 сом өлчөмүндө белгиленсин.";

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Суучулдарды даярдоо жана суу алдындагы техникалык иштерди аткаруу борборунун (Суучулдар кызматынын) кызматкерлерине эмгек акы төлөө үчүн тарифтик торчо ушул токтомдун тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын;

3) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Суучулдарды даярдоо жана суу алдындагы техникалык иштерди аткаруу борборунун (Суучулдар кызматы) бюджеттик булактардан каржылануучу кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө жободо:

- IV бөлүмү күчүн жоготту деп таанылсын;
- VI бөлүмүнүн 32-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"32. Борбордун жетекчисине кызматкерлерге өзгөчө маанилүү ишти аткаргандыгы, татаалдыгы, сапаты, ишинин натыйжалары, чыгармачылык жана кесиптик демилгесин көрсөткөндүгү жана ченемге салынбаган иштөө режими үчүн кызматтык маянасынын 25 пайызына чейин үстөк белгилөө укугу берилет. Көрсөтүлгөн үстөктөр тапшырмаларды өз убагында аткарбаганда, иштин сапаты начарлаганда же эмгек тартиби бузулганда жокко чыгарылат же азайтылат.".

2. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги "Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун даярдоодо тиешелүү өзгөртүүлөрдү карасын.

3. Бул токтом расмий жарыялануууга тийиш жана 2022-жылдын 1-августунан тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы **А.ЖАПАРОВ**

Бишкек шаары, 2022-жылдын 23-августу, №471

АГЕНТСТВО РАЗВИТИЯ И ИНВЕСТИРОВАНИЯ СООБЩЕСТВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ (АРИС)

Второй Проект Регионального Экономического Развития

ОБЪЯВЛЯЕТ КОНКУРС НА ВАКАНТНУЮ ПОЗИЦИЮ:

Специалиста по грантам и ГЧС

КВАЛИФИКАЦИОННЫЕ ТРЕБОВАНИЯ:

- Высшее образование в области экономики, финансов или другой соответствующей области. Степень магистра будет рассматриваться как преимущество;
- Минимум три года соответствующего опыта работы с операционными программами, включая, но не ограничиваясь: управление или помощь в администрировании грантовых программ или других соответствующих программ, участие в реализации грантовых программ или других соответствующих программ и/или опыт реализации информационно-просветительских программ, направленных на МСП, мобилизацию сообществ, создание рабочих мест и смежные области; из них не менее 2 лет в области разработки/управления грантами и грантовыми контрактами;
- Подтвержденный опыт предпочтительно в области разработки/управления грантами и грантовыми контрактами, сбора средств и связей с общественностью;
- Двухлетний опыт разработки проектной документации, руководств и аналитических отчетов;
- Подтвержденный опыт в подготовке отчетных документов и поддержании связи с донорами;
- Свободное владение кыргызским и русским языками. Знание английского языка будет преимуществом;
- Компьютерные навыки: Программы Microsoft Office, включая MS Project.

Заинтересованные кандидаты должны зарегистрироваться/авторизоваться в качестве Кандидата на вакансию (резюме на русском и английском языках, с указанием контактного телефона и электронной почты), на сайте АРИС и подать заявку на участие в данном отборе до **15.00 часов 9 сентября 2022 г.**

Агентство развития и инвестирования сообществ Кыргызской Республики 720040, г. Бишкек, ул. Боконбаева, 102, кабинет №11 тел.: + 996 (312) 62-07-52, 30-18-05 (доп.116), факс: + 996 (312) 62-47-48, e-mail: zakupki@aris.kg

С/О-396

ОАО «ГОСУДАРСТВЕННАЯ ИПОТЕЧНАЯ КОМПАНИЯ»

ОБЪЯВЛЯЕТ ПУБЛИЧНЫЕ ТОРГИ В ФОРМЕ ОТКРЫТОГО АУКЦИОНА

для реализации двухэтажного жилого дома, расположенного по адресу: Чуйская область, Аламудунский р-н, с. Орто-Сай, ж/г «Сары-Озон», ул. 3-я линия №7.

Публичные торги состоятся **26 сентября 2022 года в 15.00 часов.**

Место проведения аукциона **– г. Бишкек, улица Токтогула, 228.**

Аукцион состоит из одного лота. Для получения бланка необходимо обратиться по адресу: **г. Бишкек, ул. Токтогула, 228.**

Для участия в аукционе необходимо внести гарантийный взнос в размере **20 000 (двадцать тысяч) сомов** и до начала торгов подать заявку.

Прием заявок на участие в аукционе заканчивается **23 сентября 2022 г., 16.00 ч.**

Организатор торгов: ОАО «Государственная Ипотечная Компания».

Для дополнительной информации обращаться в Отдел закупок и управления жилищным фондом по адресу: **г. Бишкек, ул. Токтогула, 228, тел.: (0700) 11-18-87, (0312) 61-06-80.**

Наименование организации	ОАО «Государственная Ипотечная Компания»
Общие сведения	двухэтажный жилой дом, расположен по адресу: Чуйская область, Аламудунский р-н, с. Орто-Сай, ж/г «Сары-Озон», ул. 3-я линия №7
Площадь	**1 лот:** двухэтажный жилой дом, общей площадью - 364,55 кв.м., жилой площадью - 215,56 кв.м.
Иные условия по договору	Техническое состояние: отличное
Стартовая цена аукциона	68 755 000,0 (шестьдесят восемь миллионов семьсот пятьдесят пять тысяч) сомов
Цена за шаг повышения	1 000 (одна тысяча) сомов
Начало аукциона	26 сентября 2022 года 15.00 часов
Место предварительного проведения аукциона	г. Бишкек, ул. Токтогула, 228
Примечание	

АГЕНТСТВО РАЗВИТИЯ И ИНВЕСТИРОВАНИЯ СООБЩЕСТВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ (АРИС)

Второй Проект Регионального Экономического Развития

ОБЪЯВЛЯЕТ КОНКУРС НА ВАКАНТНУЮ ПОЗИЦИЮ:

Инженера проекта

КВАЛИФИКАЦИОННЫЕ ТРЕБОВАНИЯ:

- Степень бакалавра или эквивалент в области проектирования, гражданского/муниципального строительства, градостроительства, промышленного или строительного развития или любой другой соответствующей инженерной области;
- Не менее десяти лет профессионального опыта в проектировании и строительстве городских, муниципальных или других соответствующих инфраструктурных объектов;
- Пять лет подтвержденного опыта в области строительного надзора;
- Три года опыта работы в проектах, финансируемых международными донорами и финансовыми учреждениями;
- Знание строительного законодательства Кыргызстана и соответствующих СНиП;
- Свободное владение русским и кыргызским языками. Знание английского языка будет преимуществом;
- Знание AutoCAD, ArchiCAD и других инженерных инструментов, необходимых для работы над проектом.

Заинтересованные кандидаты должны зарегистрироваться/авторизоваться в качестве Кандидата на вакансию (резюме на русском и английском языках, с указанием контактного телефона и электронной почты), на сайте АРИС и подать заявку на участие в данном отборе до **18.00 часов 9 сентября 2022 г.**

Агентство развития и инвестирования сообществ Кыргызской Республики 720040, г. Бишкек, ул. Боконбаева, 102, кабинет №11 тел.: + 996 (312) 62-07-52, 30-18-05 (доп.116), факс: + 996 (312) 62-47-48, e-mail: zakupki@aris.kg

С/О-396

ОАО «ЧАКАН ГЭС»

ПРОВОДИТ КОНКУРС
по реализации следующих автотранспортных средств по оцененной стоимости:

- **Lexus LS 460 2008 г.в. - 764 993 сом;**
- **Мазда 626 1998 г.в. - 123 713 сом;**
- **Мерседес-Бенс Е220 1994 г.в. - 173 238 сом;**
- **Субару Легаси 2000 г.в. - 179 826 сом;**
- **ПАЗ 23053 2003 г.в. - 131 674 сом.**

Дополнительная информация о данном конкурсе опубликована на сайте ОАО «Чакан ГЭС» - **Chakan.kg**.»

С/О-397

ОАО «ЕВРАЗИЙСКИЙ СБЕРЕГАТЕЛЬНЫЙ БАНК»

г.Бишкек, ул.Ибраимова, 40/1

НАСТОЯЩИМ УВЕДОМЛЯЕТ О СУЩЕСТВЕННОМ ФАКТЕ:

23 августа 2022 года проведена регистрация права собственности на лицевой счет Министерства цифрового развития Кыргызской Республики от Фонда по управлению госимуществом при Министерстве экономики и коммерции Кыргызской Республики следующие простые именные акции: KG 0101104014 – 278074 экз., общей ном. стоим. 5561480 сом, доля в УК 1,85%; KG 0104104011 – 250000 экз., общей ном. стоим. 5000000 сом, доля в УК 1,67%; KG 0105104010 – 2735000 экз., общей ном. стоим. 54700000 сом, доля в УК 18,23%; KG0106104019 – 372421 экз., общей ном. стоим. 7448420 сом, доля в УК 2,48%; KG 0107104018 – 3348505 экз., общей ном. стоим. 66970100 сом, доля в УК 22,32%; KG 0108104017 – 4 500 000 экз., общей ном. стоим. 90000000 сом, доля в УК 30,00%.

В связи с утерей свидетельства о государственной регистрации ИП Бакирова Розахан Турдумамбетовна код ОКПО 26261596, ИНН 11501196400606 считать недействительным.

Н-625

Араван районундагы Мангыт айыл өкмөтүнүн Кесек айылындагы "Кесек" мечитинин Б №015117 мамлекеттик актысы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

П/П-402

Б.Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик маданият жана искусство университетинин эмгек жамааты Кыргыз эл жазуучусу, Токтогул сыйлыгынын лауреаты, ТҮРКСОЙ уюмунун башкы катчысы Султан Раевге атасы

АКИМдин

мезгилсиз дүйнө салгандыгына байланыштуу терең кайгыруу менен көңүл айтат.

Н-624

2022-ЖЫЛДАРГА КАРАТА БЮДЖЕТТИК МЕКЕМЕЛЕР ҮЧҮН ЭЛЕКТР, ЖЫЛУУЛУК ЭНЕРГИЯСЫН ЖАНА ЖАРАТЫЛЫШ ГАЗЫН КЕРЕКТӨӨНҮН ЛИМИТТЕРИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭНЕРГЕТИКА МИНИСТРЛИГИНИН

БУЙРУГУ

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 30-сентябрындагы №191 “Кыргыз Республикасынын экономика тармактарын жана калкын 2021/2022-жылдардагы күз-кыш мезгилине даярдоонун жүрүшү жөнүндө” токтомунун 6, 8-пункттарын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №247 “Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин маселелери жөнүндө” токтомуна ылайык, бюджеттик керектөөчүлөрдү энергетикалык изилдөөнүн жыйынтыктарын эске алуу менен коммуналдык кызматтарды төлөөгө бюджеттик уюмдарга бөлүнгөн бюджеттик каражаттарды сарамжалдуу пайдалануу камсыз кылуу максатында **буйрук кылабыз:**

1. Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Энергетика жана экономика илимий-изилдөө институту тарабынан алынган электр, жылуулук энергиясын жана жаратылыш газын керектөөнүн лимиттеринин такталган чоңдуктарын эске алуу менен 2022-жылга республикалык жана жергиликтүү бюджеттерден каржылануучу бюджеттик уюмдар үчүн жеке керектөө үчүн электр, жылуулук энергиясын жана жаратылыш газын керектөө лимиттери ушул буйруктун тиркемесине ылайык бекитилсин.

2. Республикалык жана жергиликтүү бюджеттерден каржылануучу бюджеттик уюмдарга сунушталсын:

– бир жумалык мөөнөттө ушул буйрук менен белгиленген электр, жылуулук энергиясын жана жаратылыш газын керектөөнүн жылдык лимиттерин ведомстволук бөлүмдөргө бөлүштүрсүн;

– ведомстволук мекемелерге электр, жылуулук жана жаратылыш газын керектөөнүн лимиттерин белгиленген тартипте жеткирсин;

– бир айлык мөөнөттө Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине жана Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Энергетика жана экономика илимий-изилдөө институтуна электр, жылуулук энергиясын жана жаратылыш газын керектөөнүн белгиленген лимиттерин көрсөтүү менен ведомстволук мекемелердин аталыштарынын толук тизмесин берсин;

– ай сайын, отчеттук айдан кийинки айдын 15ине чейин Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Энергетика жана экономика илимий-изилдөө институтуна электр, жылуулук энергиясын жана жаратылыш газын иш жүзүндө керектөөнүн жалпы көлөмү жөнүндө, анын ичинде жеке муктаждыктарына энергия ресурстарын керектөөнүн көлөмдөрү жана өлкөнүн региондорундагы ведомстволук мекемелер боюнча субабонеттер-ижарачылар жөнүндө маалыматты берсин.

Министр **Д.БЕКМУРЗАЕВ**

Бишкек шаары, 2022-жылдын 23-августу, №01-13/138

2022-жылдарга карата бюджеттик мекемелер үчүн электр, жылуулук энергиясын жана жаратылыш газын керектөөнүн лимиттерин бекитүү жөнүндө буйругунун толук мазмуну менен Кыргыз Республикасынын энергетика министрлигинин сайтынан (https://minenergo.gov.kg) таанышса болот.

С/О-392

Судебный исполнитель ПССИ Аламудунского района Чуйской области Алмамбет уулу А.

ОБЪЯВЛЯЕТ ПУБЛИЧНЫЕ ТОРГИ НА НЕДВИЖИМОЕ ИМУЩЕСТВО

- жилой дом, расположенный по адресу: Чуйская область, Аламудунский район, с.Кой-Таш, ул.Аблесова №55, общей полезной площадью - 140,43 кв.м., расположенную на земельном участке мерою - 1230,0 кв.м., и-к: 7-01-17-1001-0013, принадлежащее Акматову Шамшидину Дуйшеновичу на основании Постановления Таш-Мойнокского а/о №44 от 16.03.2001 года.

Стартовая цена в сумме 3 598 400 (три миллиона пятьсот девяносто восемь тысяч четыреста) сомов, заключением стоимости экспертом - оценщиком ОсОО «Визави.ру».

Торги состоятся **30 сентября 2022 года в 10.00 часов** в Подразделении службы судебных исполнителей Аламудунского района, по адресу: **г.Бишкек, ул.Ахунбаева №119 «а».**

Для участия в торгах необходимо внести **5%** гарантийного взноса, расчетный счет. Центрального казначейства БИК **440001**, на лицевой счет Подразделения службы судебных исполнителей Аламудунского района **4403012100000388**, код **14238900**.

Прием заявок на участие в аукционе заканчивается за один день до начала аукциона.

Участник, выигравший публичные торги должен в течение семи дней внести на расчетный счет ПССИ Аламудунского района, покупную цену за вычетом суммы гарантийного взноса.

С/О-386

Обращаться по тел.: (0312) 56-58-67, (0559) 00-68-33, г.Бишкек, ул.Ахунбаева №119 «а», каб. 9, ПССИ Аламудунского района.

ОАО «УЧКУН»

СООБЩАЕТ О НИЖЕУКАЗАННОМ СУЩЕСТВЕННОМ ФАКТЕ

*Решением Совета директоров ОАО «Учкун» от **22 августа 2022 года Кенекеев Д.А.** освобожден от занимаемой должности Генерального директора ОАО «Учкун» в связи с переходом на другую работу.*

*Решением Совета директоров ОАО «Учкун» от **23 августа 2022 года** Генеральным директором ОАО «Учкун» избран **Султанов Бакытбек Мураталиевич.***

Старший судебный исполнитель ПССИ Жайылского района

ОБЪЯВЛЯЕТ ПОВТОРНЫЕ ПУБЛИЧНЫЕ ТОРГИ на заложенное недвижимое имущество, а именно:

имущество - жилой дом с хозпостройками, общей площадью - 36,1 кв.м., жилой площадью - 25,2 кв.м., расположенное на земельном участке - 391,0 кв.м., по адресу: Чуйская область, Жайылский район, г. Кара-Балта, ул.Чапаева, дом №13, идентификационным кодом единицы недвижимого имущества 7-03-13-0031-0013, принадлежащее Жаналиевой Асылкан Калыбековне на право частной собственности, со стартовой ценой в сумме 580 136 (пятьсот восемьдесят тысяч сто тридцать шесть) сом.

